**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ**

**КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАЛПЫ БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ УЮМДАРЫНЫН 5-11-КЛАССТАРЫ ҮЧҮН КЫРГЫЗ ТИЛИН ЭНЕ ТИЛ КАТАРЫ ОКУТУУНУН ПРЕДМЕТТИК СТАНДАРТЫ

**Бишкек – 2022**

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 5-11-класстары үчүн кыргыз тилин Эне тил катары окутуунун предметтик стандарты. Бишкек. 2022 – 71 бет

**Түзүүчүлөр:**

1. **Рысбаев Сулайман Казыбаевич**- педагогика илимдеринин доктору, профессор, КББАнын филологиялык билим берүү лабораториясынын башкы илимий кызматкери
2. **Чыманов Женишбек Арыпович** -педагогика илимдеринин доктору, профессор.
3. **Мусаева Венера Инаятовна -** педагогика илимдеринин доктору, профессор
4. **Абдуллаева Райхан Абдуллаевна -** педагогика илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти
5. **Өжөрбаева Сабира -** КРнын эмгек сиңирген мугалими, Бишкек шаары, №77 орто мектептин кыргыз тили, адабияты мугалими
6. **Рыскелдиева Атыркүл Зарлыковна -** Бишкек ш., № 69 окуу-тарбия комплекс-гимназиясынын кыргыз тили, адабияты мугалими.

**Рецензенттер:**

**Абдраимов К. ,** педагогика илимдеринин кандидаты, Манас академиясынын Манас таануу бөлүмүнүн башкы адиси

**Дуйшембиева Э.К.,** Бишкек шаарындагы №77 жалпы орто билим берүү мектебинин кыргыз тили жана адабияты мугалими

Стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-11-класстарында эне тилин (кыргыз тилин) окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» № 393 Токтомунунун негизинде иштелип чыкты. Анда предметтин концепциясы, окутуунун методологиясы, максат-милдеттери, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр, күтүлүүчү натыйжалар берилген. Предметтин мазмундук тилкеси, окуучунун билим баалоо жана ага коюлуучу талаптар берилген.

**М А З М У Н У**

**1-БӨЛҮМ. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР**

**1.1.** Документтин статусу жана түзүмү .......................................................5

**1.2.** Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы .......................................................................................6

**1.3.** Негизги түшүнүктөр жана терминдер ……........................................... 6

**2-БӨЛҮМ. ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ**

**2.1.**Предметти окутуунун концептуалдуу багыттары.................................................11

**2.2.**Окутуунун максаттары жана милдеттери .......................................................... 13

2.3. Предметти окутуунун методологиясы ...................................................15.

2.4. Предметтик компетенттүүлүктөр ..........................................................18

2.5 Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы........... 19.

2.6. Мазмундук тилкелер (линиялар). Окуу материалдарынын мазмундук түзүм (линиялар) жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү ....................................26

2.7. Предметтер аралык байланыштар ..........................................................47

**3-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО**

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлгүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук тилкелер (линиялар боюнча) .........................................................................48

**3.2**. 5-11-класстын билиминин көрсөткүчү жана күтүлүүчү натыйжалары ......................................................................................**56**

3.3. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери.................................................................................................61

3.4. Баалоонун типтери............................................................................62

**4-БӨЛҮМ. БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР**

4.1. Окутуунун методикасына коюлган талаптар.................................................75

4.2. Ресурстук камсыздоонун талаптары............................................................76

4.3. Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү...............................77

**АДАБИЯТТАР** ..........................................................................................78

# 1-БӨЛҮМ
# ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

## 1.1. Документтин статусу жана түзүмү

Бул стандарт Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин 5-11-класстарында эне тилин (кыргыз тилин) окутуунун негизги окуу-нормативдик документи катары Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамына ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 22-июлундагы «Кыргыз Республикасында орто жалпы билим берүүнүн Мамлекеттик стандартын бекитүү жөнүндө» № 393 Токтомунунун негизинде иштелип чыкты. Стандартты иштеп чыгууда Кыргыз тилин кыргыз мектептеринде эне тили катары окутуунун жаңы концепциясынын идеялары ишке ашырылды.

Аталган стандарт кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги стратегиясын, урунттуу артыкчылыктуу багыттарын аныктайт, мектеп окуучуларына эне тилинде билим берүү, тарбиялоо жана өнүктүрүү маселелерин чечүүгө багытталат, ошону менен бирге, кыргыз тилин окутуунун өзөктүү курсун белгилейт.

Стандарттын негизинде аталган предмет боюнча Базалык окуу планындагы окуу саатынын көлөмү аныкталат жана окуу программасы жазылат, окуу- методикалык комплекстер түзүлүп, методикалык материалдардын иштелип чыгышына кызмат кылат.

Кыргыз тилин кыргыз мектептеринде эне тили катары окутуунун предметтик стандартында төмөнкүлөр көрсөтүлдү:

- эне тилин 5-11-класстарда окутуунун максаты жана милдеттери;
- предметтик компетентүүлүктөр жана алардын негизги компетентүүлүктөр менен болгон байланышы, карым -катышы;
- Окуу материалдарынын мазмуну, класстар боюнча бөлүштүрүлүшү;
- 5-11- класстар боюнча билим берүүдөн күтүлүүчү натыйжалар;
- 5-11- класстын окуучуларынын жетишкендиктерин баалоо, баалоонун типтери, принциптери жана талаптары;
- окутуунун методикасын уюштурууга коюлган талаптар.

Предметтик стандарт:

- Мамлекеттик билим берүү стандартында белгиленген филологиялык жааттагы маселелерди ишке ашырууну камсыз кылат;.
- окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектептердин “Кыргыз тили “ предмети боюнча окуу процессин жөнгө салат;
- Кыргыз Республикасынын дээрлик бардык мектептеринде тилдик билим берүүнү өнүктүрүүнү камсыз кылат.

Эне тилин окутуунун предметтик стандарты - төрт негизги бөлүмдөн турат, т.а. жалпы жоболор,предметтин концепциясы, билим берүүнүн жыйынтыктыры жана баалоо, окуу процессин уюштурууга коюлган талаптар, эне тилин окутуунун жалпы маселелери, окуу материалдарынын негизги мазмуну, алардын класстарга жана сааттарга бөлүнүшү жана окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо.

Мындагы негизги жана өз ара логикалык байланышта турган үч өзгөчөлүктүү компонентти бөлүп көрсөтүүгө болот, алар:

-мурдагы стандартка караганда окутуунун компетенттүүлүккө багытталышы жана негизги компетенттүүлүктөрдүн (тилдик, кептик жана этномаданий) талаптарынын ачык көрсөтүлүшү;

-окутуудан алынуучу натыйжалардын так жана даана белгилениши;

- окуучулардын жетишилген теориялык жана практикалык ийгиликтерин обьективдүү баалоо багыттарынын сунушталышы.

## 1.2. Жалпы билим берүүчү уюмдар үчүн ченемдик документтердин системасы

Стандарт төмөнкүдөй ченемдик-укуктук актыларга негизделет:

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы (2021- жыл, 5-май);
2. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамы, 2003.
3. "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамы (2004-жылдын 2-апрели №54 2009-жылдын 8-декабрындагы №307, 2010-жылдын 19-январындагы №8, 2011-жылдын 6-октябрындагы №165, 2013-жылдын 25-февралындагы №33, 2015-жылдын 23-июнундагы №135 Мыйзамдарынын редакцияларына ылайык)
4. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2021-жылдын 4-майындагы №200 Токтому)
5. «Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө», Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 22-июлундагы №393 токтому.
6. Окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-11-класстары үчүн кыргыз тили боюнча предметтик стандарты. - Б., 2018.
7. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы – Б., 2008.
8. 2019-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Инклюзивдик билим берүүнү өнүктүрүү концепциясы (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 19-июлундагы №360 токтому
9. Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы. – Б., 2012.
10. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Инсанды руханий-адептик жактан өнүктүрүү жана дене тарбиясы жөнүндө" Жарлыгы Б., 2021-жыл.
11. 2021-2026-жылдарга Кыргыз Республикасында жарандык инсандыкты өнүктүрүү концепциясы (КР Президентинин 2020-жылдын 13-ноябрындагы №39 Жарлыгы)
12. Кыргыз Республикасында 2021-2025-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүү программасы (КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 1-октябрындагы №510-токтому)
13. 2018-2040-ж. Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы
14. Кыргыз Республикасындагы көп маданияттуу жана көп тилдүү билим берүү концепциясы (КР ББИМ коллегиясынын 2008-жылдын 24-апрелиндеги №3/1чечими менен бекитилген)
15. "Кыргыз Республикасынын билим берүү уюмдарынын 2022-2023-окуу жылына базалык окуу пландарын бекитүү жөнүндө"

## 1.3. Негизги түшүнүктөр жана терминдер

**Айтып берүү-** кандайдыр бир текстти оозеки же жазуу түрүндө баяндоо.

**Активдүү сөздүк кор-** окуучулардын (сүйлөө менен жазууда) активдүү колдонуусуна арналган сөздөрдүн жыйындысы, б.а. окуучулар өзүнүн кебинде колдонгон жана колдонууга тийиш болгон бирдиктер.

**Аудирование (угуу)** – угуп жаткан тексттерди сөз маанилеринин өзгөчөлүктөрү менен кабылдоого багытталган кеп ишмердүүлүгүнүн оозеки түрү.

**Акыл чабуулу** - бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялар талдоого алынат, бул учурда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат, интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Баа** - бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу- формалдуу сан түрүндө билдирүүчү, символу(белгиси).

**Баалоо** - бул окуучулардын окуу жана таанып-билүү ишмердигине байкоо жүргүзүү, ошондой эле билим берүүнүн сапатын жакшыртуу максатында окуучу жөнүндө маалыматтарды баяндоо, жыйноо, каттоо жана чечмелөө процесси.

**Баа берүү** – бул учурда баалоо процесси, иш-аракети же ишмердиги кайтарым байланыштын сапаттык маалыматы жүзөгө ашат.

**Билим берүүнүн сапаты** – билим берүүнүн натыйжаларынын ар түрдүү билим берүү субъектилеринин (окуучулардын, педагогдордун, ата-энелердин, жалпы эле коомдун) күтүүсүнө же алар тарабынан коюлган билим берүүнүн максаттарына жана милдеттерине шайкештигинин даражасы. Билим берүүнүн сапаты анын билим берүүнүн стандарттарына жана керектөөчүлөрдүн суроо-талаптарына шайкештигин көрсөтөт. Бул түшүнүктүн маанилүү өзгөчөлүгү динамикалуулукта, вариативдүү жана иштиктүү мүнөзүндө турат.

**Билим берүүнүн стандарты** – негизги билим берүү программаларындагы билимдин мазмунунун минимумун, окуучунун даярдыгынын сапатына коюлуучу базалык талаптарды, билим алуучулардын мүмкүн болгон окуу жүгүнүн чегин аныктоочу нормалар менен эрежелердин топтому.

**Диагноздоочу баалоо** – бул окуучунун билимдерин, билгичтиктерин, көндүмдөрүн жана иш билгилигинин (компетенттүүлүгүн) алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо.

**Долбоор методу** - кандайдыр бир маселенин жеке адам же жамаат тарабынан колго алынып, жашоо-турмушка өзгөчө зарыл болгон натыйжаларга жетүү максатын көздөгөн метод.

**Гендердик теңчилик** – аялдар менен эркектердин бирдей укуктук статусу жана аны ишке ашыруунун бирдей мүмкүнчүлүктөрү, жынысына карабастан адамдарга жашоонун саясий, экономикалык, эмгектик, социалдык, коомдук жана маданий чөйрөлөрүндө өз мүмкүнчүлүктөрүн эркин пайдаланууга мүмкүндүк берет.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – белгилүү убакыт аралыгында окуучулардын билимдерди өздөштүрүү, билгичтиктеринин жана көндүмдөрүнүн калыптануу деңгээлин белгилөө жана алынган натыйжалардын стандарт талаптарына шайкештигин аныктоо.

**Жалпы билим берүү программасы** — предметтик стандарттын негизинде иштелип чыккан жана предметтин мазмунун камтыган темалар, бөлүмдөр жана мезгилдер боюнча бөлүштүрүлгөн, уюштуруу-педагогикалык шарттарды, анын ичинде болжолдуу

календардык-тематикалык пландоону жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун формаларын жөнгө салган документ

**Инновация** (анг. «жаңылануу, өзгөрүү» деген сөз) педагогикалык системада илимдин, техниканын жаңы жетишкендиктерин, жаңы технологияны колдонуу менен окуу-тарбия процессинин жаңылануусуна жетишүү, б.а. натыйжалуу, эффективдүү кайра жаралуу процессин түзүү дегенди билдирет.

20-кылымдын 80-жылдары педагогикалык лексикондо «инновация» деген түшүнүктү ( адегенде журналисттер, андан кийин ар кандай кесип ээлери) колдоно баштаган. Ал кайра жаралуу мезгилине таандык.

**Интерактив** (*анг.* inter – өз ара, act – иш-аракет) – кимдир бирөө менен иштешүү, аңгемелешүү, диалог жүргүзүү кырдаалы. Интерактивдүү усулдар окуучулардын мугалим менен эле эмес, өз ара да кыйла кеңири иштешүүсүнө, окуу процессинде окуучулардын топто, жупта иштешип, демилгелүү болушуна ылайыкталат. Интерактивдүү сабактарда мугалим окуу максатына жетүү үчүн окуучулардын ишмердигин багыттап гана турат.

**Индикатор** – бул бир нерсенин абалын чагылдыруучу же көрсөтүүчү чен, «өлчөгүч».

**Инсанга багытталган окутуу** – («child-centerededucation», «learner-centerededucation» же «learnerfirst») – билим берүү процессинин негизине окуучуну жана анын жеке индивидуалдык каалоолорун, кызыгууларын жана муктаждыктарын койгон педагогикадагы багыт (Д. Дьюи).

**Окуп- үйрөнүүнүн натыйжаларынын көрсөткүчү (индикатору)** – окуучунун жүрүм- турумунан байкалуучу, болжолдонгон натыйжага жетишилгендигин далилдөөчү конкреттүү белгилер.

**Орфоэпиялык нормалар** (орфоэпия – *гр.* orthos – «түз, туура» + epos – «кеп») – курамына (кээ бир тыбыштарды, тыбыштардын айкалышын жана сөздөрдү) туура айтуу эрежесин камтыган адабий туура айтуу эрежелеринин жыйындысы.

**Окутуунун максаты** – окуучулар когнитивдик (таанып -билүүчүлүк), аффективдик (эмоциялык- баалуулук) жана психомотордук жактарда жетишүүчү окутуп- үйрөтүүнүн утурумдук жана түпкү натыйжалары. **Окутуунун түшүндүрүп-иллюстрациялоо түрү** окутуунун башка түрлөрүнө караганда бир катар артыкчылыкка ээ. Эң башкысы өтүлгөн тема боюнча негизги материалды эстеп калуу жагы жакшы жүзөгө ашырылат. Окутуунун мындай түрү мектептерде узактан бери колдонулуп, аны дагы өркүндөтүү менен ар кандай көрсөтмөлүүлүктөр көп пайдаланылып, жаңыдан өтүлө турган теманы түшүндүрүүдө убакытты үнөмдөөгө жетишет. Өтүлүүчү материалды кыска мөөнөттө түшүндүрүүгө болот. «Кемчилиги» көбүнчө окуучуларды «даяр» далилдерди гана айтып берүүгө үйрөтүп, өз бетинче иштөөгө, анын тегерегинде ойлонууга, изденүүгө түртө албайт.

**Окшоштуруу методу** бир окуяны же маселени ар кандай өңүттөн талкуулоо, бир документти талдоо үчүн кандайдыр бир эрежелердин негизинде окшоштук белгилерди табууга, андай белгилердин моделин түзүүгө багытталган метод.

**Өз ара баалоо** – окуучулар өздөрүнүн биргелешкен ишмердигин талдап, бирин - бири баалашат.

**Өзүн-өзү баалоо** – бул өзүнүн күчтүү жана начар жактары, мүмкүнчүлүктөрү жана кемчиликтери жөнүндө маалымат чогултууга багытталган процесс; (2) инсандын өзүн-өзү баалоосу, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын жана адамдардын арасындагы ордун;

инсандын кыймыл-аракетинин бирден бир күчтүү регулятору. Башкалардын арасында өзүн, өз мүмкүнчүлүктөрүн, сапаттарын, өзүнүн ордун баалоо.

**Кайтарым байланыш** - иш – аракеттер, кырдаалдар, талаш маселелер жана максатка эң ыңгайлуу жол менен жетишүүгө өбөлгө түзүүчү конкреттүү иш-аракеттер жөнүндө түшүндүрмөлөрдү (сын пикирлерди) кабарлоо жана

алуу процесси.

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** - бул окуучунун окуусуна үзгүлтүксүз, максаттуу багытталган байкоо жүргүзүү процесси.

**Компетенттүүлүк** – адамдын ар түрдүү билимдердин, билгичтиктердин элементтерин жана иш - аракеттин ыкмаларын белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) өз алдынча колдонууга болгон интегративдик жөндөмдүүлүгү.

**Компетенция** - (лат. competere – ээ болуу, шайкеш келүү, туура келүү)- окуучунун белгилүү бир кырдаалда (окуу, инсандык, кесиптик) натыйжалуу, майнаптуу иштөөсү үчүн зарыл болгон билим даярдыгына карата алдын ала коюлуучу социалдык талаптар (нормалар, стандарттардын тизмеси).

**Критерий** – бул баа берүүгө, бир нерсени аныктоого жана класификациялоого негиз болуучу белги, баанын ченеми.

**Коммуникация- баарлашуу**, сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү жана байланыштарды түзүү.

**Көп тилдүү билим берүү**-окутуу процессинде эки же андан ашык тил колдонулган билим берүү, Бир нече тилди тең колдонуу формалары, аларды билүү деңгээли

**Көп тилдүүлүк** – белгилүү бир социалдык жалпылыктын алкагында бир нече тилди колдонуу, б.а. күнүмдүк практикада эки -үч тилди бирдей эркин колдонуу.

**Метод**- педагогикалык категория катары өтүлө турган материалды кандай ыкма менен натыйжалуу берүүнүн жолдорун көрсөтөт. 20-кылымдын 60-жылдары окутуу методдорун бир системага келтирип классификациялаган окумуштуу Е.Я. Галант болгон, кийинчерээк дидактар М.Н.Скаткин, И.Я.Лернер, М.А.Даниловдор бул маселеге кайрылышкан. Ал эми академик Ю.К.Бабанский түзгөн окутуунун методдорунун классификациясындагы:

1. Айтып берүү методдору (аңгеме, түшүндүрүү, лекция, аңгемелешүү, окуу китеби менен иштөө ж.б.);
2. Көрсөтмөлүүлүк (таблица, схема, сүрөттөрдү иллюстрациялоо, диафильм, кино демонстрациялоо, музейге, өндүрүшкө, жаратылышка экскурсия ж.б.);
3. Практикалык (көнүгүү, көнүктүрүү, үй жана аудиторияда өз алдынча иштөөнү уюштуруу, эксперимент, эмгек жана коомдук иштерге тартуу.

**Мазмундук тилке (линия)** – окуу предметинин мазмунун аныктап турган өзөктүк, тематикалык багыттар.

**Маалыматты жана билимди берүүнүн ыкмалары**- маалыматты ар кандай форматта берүү, анын ичинде визуалдык мисалы текст, сүрөт, аудио жана тиркеме. Бул бардык окуучуларды окутууда алардын жөндөмүнө ылайык келген окуу материалын алууга мүмкүнчүлүк берген ыкма

**Мотивация** - талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси. Баланын окууга болгон каалоосу, шыктануусу,иш-аракетке умтулуусу; адамдын жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы

**Негизги компетенттүүлүктөр** – бардык предметтер үчүн жалпы метапредметтик мазмунда ишке ашырылуучу билим берүүнүн натыйжалары.

**Предметтик стандарт** – окуу предметинин максат-милдеттерин, предметти окутуунун концепциясын жана методологиясын, окуучулар ээ болуучу компетенттүүлүктөр менен алардын жетишкендиктери, аларды баалоо, ошону менен бирге, окутуу методдорун тандоо жана окутууда жетекчиликке алынуучу нормативдерди жөнгө салган документ.

**Предметтик компетенттүүлүктөр** – негизги компетенттүүлүктөргө карата алганда жекече мүнөздөргө ээ болуп саналат.

**Суроо-жооп методу** сабакта окуучулардын активдүүлүгүн жандандыруу максатында карым-катыш түзүүдө көп колдонулган метод болуп эсептелет. Суроолор максатына, жооптун түрүнө, үйрөтүү методуна, берилиш формасына жана кимге багытталганына карай бири-биринен айырмаланат. Бардык учурда мугалимдин таасирдүү, ойлондуруучу, проблемалуу суроо бере билүүсү, б.а. бул ыкманы натыйжалуу колдоно билүүсү талап кылынат.

**Талдоо** («анализ», байыркы грек тилинен, *«ажыратуу»)* – бул ой жүзүндө же иш жүзүндө бүтүн нерсени (буюмду, касиетти, процессти, предметтер аралык катышты) курамдык бөлүктөргө ажыратуу, бөлүү иши. Ал адамдын таанып-билүүчүлүк же предметтик практикалык ишмердигинин жүрүшүндө аткарылат.

**Талкуу методу**- окуучулар өз ойлорун эркин ортого сала билүү, башкалардын көз карашын сыйлай билүү, өз ара карым-катышта болуу сыяктуу жөндөмдөрүн өстүрүүгө багытталат. Бул методдун негизги ыкмаларынын бири - чоң тайпаларда талкуу жүргүзүү. Ал эми чакан топтордогу талкуу чоң топту чакан топторго бөлүү аркылуу ишке ашырылат.

**Туташ эмес текст** – маалымат сөз менен гана берилбеген текст. Текстте бир нече маалымат булагы болот, окуучулар алар менен иштешет. Туташ эмес тексттерде таблицалар, графикалар, схемалар, таяныч конспектилери, окуу китептердеги иллюстрациялар, транспорт кыймылынын расписаниеси, сайттардын карталары, көрсөтмөлөр ж.б. кирет.

**Туташ текст** – формулалар, таблицалар, баш темалар, иллюстрациялар жок текст. Алар түрдүү жанрдагы жана түрдөгү тексттер, анын ичинде аңгемелер, ырлар, макалалар, мектеп дил баяндары.

**Усул (метод)** (грек. *metodos – жол*) – турмуш-тажрыйбада таанып-билүүнүн белгилүү натыйжаларына жетүү ыкмасы

**Социалдаштыруу** (*лат.* socialis – коомдук) – адамдын баарлашуу жана ишмердүүлүк аркылуу коомдогу социалдык тажрыйбаларды өздөштүрүп, өзүнө сиңирүүсү жана аны өзүнүн жүрүм-турумуна колдонуусу.

**Социалдык адаптация** – адамдын өзгөрүп жаткан социалдык чөйрөгө ыңгайлашуусу, жаңы топко көнүгүшүп кетүүсү.

**Социалдык коргоо** – адамдардын укуктары менен эркиндиктерин сактоого, жүзөгө ашырууга, татыктуу жашоо деңгээлин камсыздоого берилүүчү экономикалык, социалдык жана укуктук кепилдиктер.

**Сүйлөө маданияты-** эне тилинде таза сүйлөө, адабий тилдин оозеки жана жазуу нормаларын сактай билгендик, кебинде ойду так бере алуу, логикалуу, адептүү, орундуу, бай жана эмоционалдуу жазып –сүйлөө ишмердиги.

**Синтез** (грек тилинен: *чогултуу, жыйноо*) –бул метод талдоо, иликтөө процессинде жетишилгендер түшүнүктөрдү, пикирлерди, ойлорду, көз караштарды жыйноо, чогултуу, бир толук пикирге келүү, курамдык бөлүктөрдү бир бүтүн катары элестетүүнү билдирет.

**Функционалдык сабаттуулук** – адамдын ишмердүүлүгүнүн, баарлашуунун жана коомдук мамилелердин ар кандай чөйрөлөрүндө практикалык жана турмуштук маселелердии кенири диапазонун чечүү үчүн окуу процессинде алган билимдерин, билгичтигин жана көндүмдөрүн колдоно алуу жөндөмдүүлүгү.

**Шыктандыруу / Ички каалоо** – (*лат.* movere – кыймылга келтирүү, түрткү берүү): (1) инсандын, аң-сезими менен түшүнгөн, кыймыл-аракеттерин жана жасай турган жумуштарды тандоодо негиз болгон себеп; (2) талдоо негизинде тынымсыз жүрүп туруучу тандоо менен чечим кабыл алуу процесси; (3) окууга болгон каалоо, иш-аракетке умтулуу; (4) адамдын жүрүм-турумуна, багытталышына жана жигердүүлүгүнө таасир этүүчү жагдайлардын, анын муктаждыктарынын, умтулууларынын жыйындысы.

**Эвристикалык таанып-билүү методу:** (грек тилинен: *таптым* деген мааниде)бул проблемалуу суроолордун жана жагдайлардын негизинде окуучу өз алдынча ой корутундусуна келүүнү, чыгармачылык менен өз алдынча бир пикирге, ой корутундусуна келүүсүн билдирет.

## 2-БӨЛҮМ
## ПРЕДМЕТТИН КОНЦЕПЦИЯСЫ

### 1.1.Предметти окутуунун концептуалдуу багыттары

Негизинен, эне тили окуучунун негизги турмуштук куралы жана рухий дүйнөсүн калыптандыруунун баалуу каражаты болуп саналат. Бул багытта ал тилге тиешелүү болгон адамдын өмүрүндө эне тилинен артык кызмат кылар эч кандай тил да, каражат да болбойт. Ошондуктан, эне тили окуучу үчүн ар тараптуу кызмат кылуучу негизги окуу предмети болуп эсептелинет. Ал эмнеден көрүнөт?

1.Эне тилин окуп-үйрөнүү менен, баланын сабаттуулугу калыптанат жана окуп-түшүнүү көндүмдөрү бекемделет;

2.Эне тили улуттук иденттүүлүктүн негизги белгиси катары баланы улуттун жараны катары калыптандырат;

3.Турмушта өз ара карым-катнаш куралынын милдетин аткарат;

4.Дүйнөнү таануунун жана аны чагылдырып түшүнүүнүн каражаты болот;

5. Эне тили менен билим алуу аркылуу, бала өзүн -өзү өнүктүрүүнү жүзөгө ашырат;

6. Тил аркылуу инсандын улуттук маданиятты үйрөнүүсү жана ага салым кошуусу ишке ашырылат;

7.Инсандык жактан интеллектти өстүрүүнүн жана жан дүйнөсүн байытуунун куралына айланат.

Кыргыз тили предмети дал ушул кызматтарды аткаруу менен, окуучунун инсан жана улуттун атуулу катары ар тараптан калыптануусунун пайдубалы да болуп берет, анткени эне тилинде ой жүгүртүүсү өсүү менен башка бардык окуу предметтерин талаптагыдай өздөштүрүүнү шарттайт. Эне тилинде бала сабаттуу болбой, эне тилинде билим сапатына ээ болбой туруп, окуучу башка предметтерди сабаттуу өздөштүрүүсү мүмкүн эместиги практикада белгилүү. Ошондуктан, эне тилинде окуучуну сабаттуулукка жеткирүү, жазуу, оозеки көндүмдөрүн өнүктүрүү инсан катары турмушта ийгиликтүү жашоосун камсыз кылуучу күчкө эгедер кылууга барабар.

Ушул багыттарга жараша стандартта белгиленген окуу курсу төмөндөгүдөй үч өз алдынчалуу багытты карманды:

- кыргыз тили илиминин системасы (фонетика, лексика, грамматика, т.а., нормативдүү грамматика);

- орфографиялык жана пунктуациялык эрежелер;

- байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика.

Мына ушул багыттар, логикалуу түрдө алганда, эне тилинен мектептик билим берүүнүн негизги мазмунун да, негизги өзөгүн да бирдей даражада түзүп, т.а. , анын мазмунунун негизги компоненттери катары эсептелинет. Ошентсе да, ар убакта эне тили сабактарында окуучулардын теориялык билимин түптөөгө көбүрөөк басым коюлуу менен, алар мектепти аяктаганда эне тилинде жетишердик компетенттүүлүккө ээ болбой чыгып жаткандыгы жыш учуроодо.

Ал эмнеден? Ал:

- биринчиден, жогоруда белгиленгендей, грамматикага ашыкча көңүл бурулуу менен, окуучулардын жазуу жана оозеки түрдөгү практикалык (функционалдык) сабаттуулугун калыптандырууга аз убакыт бөлүнүп жүргөндүгүнүн кесепеттери болуп саналат;

-экинчиден, грамматикалык материалдар менен кептин (текст, кептин түрлөрү жана стилдер, кеп маданияты) матераилдары бири-бири менен логикалык жактан байланыштырылбай, бөлүнүп окутулуусунун эсебинен экендиги талашсыз. Мунун өзү баланын мектептеги башка окуу предметтерин талаптагыдай окуп-үйрөнүүгө жасалма тоскоолдуктарды түзөрүн көрсөтүп отурат. Ошондуктан, «Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун концепциясында» (түз: С.Рысбаев, Ж.Чыманов, Б., 2021) грамматикалык материалдар менен кептин материалдарын байланыштырып окутууну жүзөгө ашыруу, аны **5-9-класстарда «грамматикадан-кепке» жана 10-11-класстарда «кептен – грамматикага» аттуу** эки концентрден турган технологияны киргизүү менен окутуу маселеси каралган. Мунун өзү 5-9-класста **теориядан – практикага**, ал эми 10-11-класстарда тетирисинче, **практикадан- теорияга** багытталган окутуу менен окуучунун кептик ишмердигин өнүктүрүүгө көңүл бөлүнмөкчү.

Окуучулардын практикалык сабаттуулугун көтөрүү, окуу материалдарын коммуникативдик ишмердиктин негизинде компетенттүүлүккө багыттап өздөштүрүү маселеси көбүнчө методикалык адабияттарга калтырылып келгени–энетили окуу предметин окутуудагы чоң кемчилик болуп келатканы илимий жактан да, практика жүзүндө да далилденип отурат. Сабакта окуучу эне тилинде грамматикалык-фонетикалык материалдарды, орфографиялык жана пунктуациялык эрежелерди өздөштүрүп жатканда сөзсүз түрдө, байланыштуу кеп менен кеп маданиятынын материалдары менен жуурулуштуруп, эки концентрде жаңыча технология менен өтүүнү практикалоо–жогоруда аталган концепцияда жана далушул стандартта алгач ирет илимий-методикалык жактан ачык көрсөтүлдү.

Мунун өзү–грамматиканы өздөштүрүү сабагы–байланыштуу кепти өстүрүү жана кеп маданиятына үйрөтүү сабагы болуусу керек, -деген методикалык жобону алдыга койду. Андай болсо, окуу программасын жазууда грамматиканын ар бир сабагы байланыштуу кеп жана кеп маданиятынын материалдары менен логикалык түрдө байланышта берилүүсү тийиш экенин көңүлгө салат. Мунун өзү буга чейин иштеп келген окуу программасынын ички логикалык структурасын түп-тамырынан тарта өзгөртүү, эне тилин мектептеги окуу программасын жаңылоо зарылдыгын алдыга коёт. Тактап

айтканда, анын ички модели: **грамматика+байланыштуу кеп жана кеп маданияты-** деген багытта түзүлүүсү шарт.

Албетте, байланыштуу кептин материалдарын берүүдө ар бир грамматикалык тема өтүлгөндө, ал кептин курулуш материалы катары эсептелинүү менен, сөздүк иши (сөздүк корун байытуу, тигил же бул сөздүн түрдүү контексттеги маанилери, синоним, антоним, омоним ) текстти жазуудагы орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугу (жат жазуу), текстти талдоо *(темасын, идеясын, мазмунун, түзүлүшүн, кептин түрүн, стилин, тексттин форматын талдоо)* жана өркүндөтүп кайра түзүү (баяндама) жана жаңы текст түзүү (*дил бაянндын жанрдык типтери: аңгеме-дил баян, очерк –дил баян, эссе-дил баян, публицистика-дил баян, жомок-дил баян, улама дил баян, репортаж –дил баян, ж.б.*) сыяктуу жазуу ишмердүүлүктөрү системалуу жүргүзүлүүгө тийиш. Ал эми, кеп маданиятын грамматикалык материалдар менен бирдикте байланыштырып өтүүдө, анын төмөндөгү компоненттери (кептин тазалыгы, тактыгы, тууралыгы, логикалуулугу, кеп адеби жана орундуулугу, кептин байлыгы, кептин көрктүүлүгү менен эмоционалдуулугу, чечендик кеп) толук түрдө эске алынууга тийиш, ошону менен бирге, кептин түрлөрүнө жана стилдерине жараша жазуу ишмердигине ээ болуу.

Ушул максаттарды көздөп, 10-11-класстын окуу курсун байланыштуу кеп, кеп маданияты жана стилистика деп атап, ал класстардагы кыргыз тилин окутууну- «практикум сабагы» катары ишке ашыруу максатка туура кетет деп мерчемделинүүдө.

Эгер, эне тилинде инсан мына ушундай сапаттуу сүйлөп жана жаза билүүгө тийиш деген талапты коё турган болсок, анда мектепте кыргыз тилин окутуу иши–мына ушундай талаптарды жүзөгө ашырууга багытталышы талап кылынат. Ал – илимий-методикалык да, турмуштук да талап болуп саналат. Албетте, ал талаптар эне тилин окутуунун максаттары менен милдеттерин аныктоого негиз болуп берет.

## 2.2 Окутуунун максаттары жана милдеттери

### 2.2.1.. Эне тилин 5-9-класстарда окутуунун максаты жана милдеттери

**Максаты:**окуучуларды кыргыз тилинин лексикалык-грамматикалык байлыгын оозеки жана жазуу кебинде активдүү колдоно билүүгө, кеп ишмердүүлүктөрүнүн бардык түрлөрүндөгү компетенттүүлүктөрүнө ээ болууга, кеп маданиятынын нормаларын кебинде туура сактоого, сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн өнүктүрүүгө үйрөтүү.

**Милдеттери:**

***Таанып-билүүчүлүк.***Окуучуну эне тилинин өз жашоо-турмушундагы, коомдогу, ишмердигиндеги орду менен маанисин так аныктап, билүүгө үйрөтүү. Эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн каражаты жана чындыкты чагылдыруунун куралы, ошондой эле башка окуу предметтеринен билим алуунун *да куралы* катары колдонууну түшүндүрүү. Тил жана кеп, тил жана аң-сезим, тил жана ойлоо, тил жана маданият түшүнүктөрүнүн ажырагыс биримдигине ынандыруу. Кыргыз тилинин фонетикалык системасын лексико-фразеологиялык байлыгын, грамматикалык түзүлүшүн, орфографиялык, пунктуациялык жана орфоэпиялык нормалары менен эрежелерин практикалык негизде өздөштүрүп, өз кебинде колдонууга машыктыруу. Окуучуну эне тилинин тил бирдиктеринин маанисин жана функцияларын толук аңдап-билүүгө, эне тилиндеги кубулуштарды, фактыларды талдап-синтездеп, системалуу өздөштүрүү, оозеки жана жазуу кебиндеги кыргыз адабий тилинин нормаларын сактоо.

***Жүрүм-турумдук***. Окуучуну кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жана сүйлөшүү, баарлашуунун ар кандай чөйрөлөрүндөгү кептик жүрүм-турумдук маданиятын толук билүүгө жана колдонууга үйрөтүү. Ар кандай чөйрөдө жана тематикада оозеки-жазуу түрүндө сабаттуу сүйлөө-жазуу маданиятына көнүктүрүү. Өзүнүн оозеки жана жазуу кебин өз алдынча текшере алууга, сын көз менен карап, аны дайыма өркүндөтүү жөндөмүнө ээ кылуу.

**Баалуулук.** Окуучуну эне тилин улуттук улуу дөөлөт, сыймык, маданият катары кабыл алып, аны тарыхый-руханий мурас деп таанып, аны менен сыймыктанууга, коргоого жана колдонууга көз карашын калыптандыруу. Эне тили аркылуу улуттук баалуулуктарды, жалпы адамзаттык рухий дөөлөттөрдү өздөштүрүүгө, барктап-баалоого жетишүү.

Көп маданияттуу коомдогу тил чөйрөсүндө жөн гана сүйлөшүү тилин билүү эле эмес, түрдүү маданият өкүлдөрү менен ачык диалог жүргүзүүгө, алар менен байланышкан учурларда ар кандай маалыматты сынчыл көз караштa кабыл ала билүү сыяктуу жөндөм - ыктарга ээ болуу.

### 2.1.2. Эне тилди 10-11-класстарда окутуунун максаты жана милдеттери

***Максаты:*** окуучуларды жазуу жана оозеки кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүү, баарлашуунун бардык чөйрөлөрүндө эне тилиндеги кеп маданиятынын чен-өлчөмдөрүн туура сактоого, көп тилдүү, көп маданияттуу коомдо эне тилинин тилдик-маданий баалуулуктарын барктай билүүгө калыптандыруу.

**Милдеттери:**

***Таанып-билүүчүлүк.*** Окуучунун (бүтүрүүчүнүн) эне тилин дүйнөнү таанып-билүүнүн, чындыкты чагылдыруунун, таалим-тарбия алуунун каражаты катары толук таанып-билип, өз ишмердүүлүгүндө толук кандуу колдоно билүүсүнө көнүктүрүү. Кеп ишмердүүлүгү менен ойлоо ишмердүүлүгүн биримдигин, кеп ишмердүүлүгүн кеп маданияты менен тыгыз байланышта колдоно алуу, пикир алышуудагы алардын маанисин, барк-баасын терең аңдап-билип, турмушта колдоно билүү көндүмдөрүнө машыктыруу. Тексттин коммуникативдик табиятын терең өздөштүрүү, текст талдоонун жана текст түзүүнүн проблемалуу жадайларын чече билүү көндүмдөрүн өркүндөтүү. Кептин стилдери, алардын өзгөчөлүктөрү тууралуу теориялык жетиштүү маалыматтарды алуу, практика жүзүндө текстти талдоого, мазмунун өркүндөтүп кайра түзүүгө жана чыгармачылык менен жаңы текст жаратууга жетиштирүү. Оозеки кептеги орфоэпиянын, жазуу кебиндеги орфография менен пунктуациянын жана да адабий тилдин нормаларын сактоонун зарылдыктарына бекем ынандыруу.

***Жүрүм-турумдук.*** Кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (сүйлөө, угуу, окуу жана жазуу) жогорку деңгээлде колдонууга, сабаттуу жаза билүүгө, коомдук чөйрөдө маданияттуу сүйлөөгө көнүктүрүү. Тил бирдиктерин эркин жана аң-сезимдүү түрдө оозеки-жазуу кебинде колдонууга, өз пикирин, көз карашын толук билдирип, далилдөөгө, тил каражаттарын сүйлөшүүнүн максаты менен милдетине, чөйрө менен жагдай-шартына жараша орундуу колдоно билүүгө машыктыруу. Окуучуну өз кеп ишмердүүлүгүнө көңүл буруп, аны өз алдынча өркүндөтүүгө болгон жөндөм-көндүмдөрүн бекемдөө.

***Баалуулук.*** Кыргыз тилин эне тил катары баалап, аны менен сыймыктанып, өзүн-өзү, өз улутун, мекенин, дүйнөнү таанып-билүүнүн кубаттуу куралы, соолбос булагы катары

эне тилин кастарлап, илим-билимди, кесипти өздөштүрүп, жан дүйнөсүндө аларды өздөштүрүүнүн каражаты катары колдонуу көндүмдөрүн өркүндөтүү.

Эне тилге өзгөчө руханий тарыхий мурас катары кылдат мамиле кылуу көндүмдөрүнө калыптандыруу.

Ар кандай көп маданияттуу чөйрөгө ыңгайлашып кетүүдө, өнүккөн сынчыл ой жүгүртүү, укуктук жана жарандык баарлашууга даяр болуу менен бул сапаттарды тынымсыз өнүктүрүү.Тарыхты жакшы билүү жана алардын кырдаалга кандай таасир көрсөтөрүн аңдап сезүү менен көп түрдүүлүк нарктуулуктарга аяр мамиле кылууга , урматтоого үйрөнүү.

***Компетенттүүлүккө негизделген сабактын максаттары***

1. Сабактын билим берүүчүлүк максаты: *«Окуучулар кайсы, кандай билимдерди, жаңы маалыматтарды өздөштүрөт?»* деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.
2. Өнүктүрүүчүлүк максаты: «*Кайсы компетенттүүлүктөр калыптанат?», "Өздөштүргөн билимдерин турмуштук кырдаалда, өз практикасында, тажрыйбасында колдоно алабы?"* деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек.
3. Тарбиялоочулук максаты: «*Окуучулар темадагы, текстеги маалыматтардан кандай тарбия алышат, келечекке кандай салым кошот?» "Оң, терс жактары жана эмне үчүн пайдалуу, пайдасыз, кооптуу, коопсуз,*" – деген сыяктуу суроолорго жооп бериши керек. *Албетте, окуучунун ишмердиги эки баскычта калыптанат: мугалим менен бирге иштөө менен жана мугалим жокто өз алдынча үйдө тапшырманы ишмердик менен аткаруу процессинде. Бул жагдайларды мугалим сөзсүз эске алуусу керек. Ошого ылайык үй тапшырмасы да эки деңгээлде берилиши шарт: класста аткарган иштин бир варианты же ал иштердин логикалык өнүгүшү, жыйынтыгы, окуучу ошол логикалык жыйынтыкка мугалим жокто өзү ишмердик менен жетиши керек же класста жеткен логикалык жыйынтыкка үйдө кайтадан өз алдынча окуучунун жетүүсүн текшерүү жана быйыктоо).*

## 2.3. Предметти окутуунун методологиясы

Кыргыз тилин эне тил катары окутуу-үйрөтүү иштери педагогика илиминин жалпы, атайын жана жеке методологиясынын жоболоруна негизделет. Аны менен бирге, эне тилди окутууга болгон түшүнүк-мамиледе инсанга багыттап окутууга өзгөчө көңүл бурулат, окутуу-үйрөтүүнүн жалпы мазмуну төмөнкүлөрдү камтыйт.

**Тил – сабаттуулуктун негизи**. Ошондуктан, кыргыз тилин окутуунун башкы максаттарынын бири- баланы эне тилинде сабаттуу болууга, сабаттуу жазууга, андан ары сабаттуу сүйлөө маданиятына ээ кылуу.

**Тил-баарлашуунун, чөйрө менен катышуунун, маалымат алмашуунун каражаты**. Бул багытта түйүндүү компетенттүүлүктөрдө көрсөтүлгөн социомаданий компетенттүүлүк, чөйрөдө ар түркүн кесиптеги адамдар менен маалымат алмашууга, аларды түшүнүшө билүүгө, ар кандай кеп түрүндө жана стилдердин түрүндө байланыша алууга үйрөтүү алдыга коюлат.

**Тил-маданияттын негизи, маданиятты сактоочу, анын казынасы**. Албетте, улутка тиешелүү ар бир инсан улуттук маданиятты алып жүрүүчү, аны таратуучу жана сактоочу болуп саналат, ал тил аркылуу ишке ашат, демек, кыргыз тили сабактарында окуучулар- элдик лексикалык корду жана улуттук нарк, дөөлөттөрдү тил каражаттары аркылуу үйрөнөт жана жеке маданияты аркылуу аны далилдей алат.

**Тил- ишмердик**. Сүйлөөнүн жана жаза билүүнүн өзү- ишмердик, алар тамганы, сөздү, сүйлөмдү, андан ары текстти (жат жазуу) сабаттуу жаза билүү, аны өркүндөтө

(баяндама) билүү жана анын натыйжасында жаңы текст түзө билүү (дил баян) ишмердиги менен жыйынтыкталат.

**Эне тилин окутууну социалдаштыруу**. Эне тилди окутууну социалдаштыруу реалдуу социалдык-турмуштук, коомдук азыркы суроо-талаптарга, муктаждыктарга жараша аныкталат. Азыркы кыргыз тили – кыргыз элинин улуттук тили, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили, окуучулардын кыргыз (эне) тили окуу предмети, башка окуу предметтерин окуп-үйрөнүүнүн негизи болуп кызмат кылат. Демек, кыргыз тили кыргыз коомунун бардык чөйрөлөрүн бирдей тейлеп, кызмат кылууга тийиш.

**Эне тилин окутууну гумандаштыруу**. Мында эне тилди окутуу процессиндеги мугалим менен окуучунун, окуучу менен окуучунун мугалим менен ата-эненин ж.б. мамилелерин, карым-катышын, кызматташууларын бирин-бири сыйлаган, түшүнгөн, колдогон алда канча гумандуу, маданияттуу деңгээлге жеткирүү талабы алдыга чыгат. Кыргыз тили мугалими теориялык-лингвистикалык билимдердин жыйындысын берүүчү адис эмес, ал – окуучулардын эне тили боюнча алуучу билим, билгичтик, көндүмдөрүнүн зарыл экендигин ынандырып-тастыктаган, аларды өздөштүрүүгө багыт берип, каражат-булагын ачып көрсөтүп, шарт түзүп, уюштуруучу субъект. Ал эми окуучу билимдердин жыйындысын алуучу, жыйноочу обьект гана эмес. Окуучу – социалдык-турмуштук суроо-талаптарга, жеке керектөөлөрүнө, муктаждыктарына жараша тилдик-кептик көндүмдөрдү өздөштүрүүчү субьект. Эне тили сабагы – эки тараптын (мугалим–окуучу) бирин-бири сыйлаган, бири-бирине ишенген, биргелешкен бир максатты көздөгөн бирдиктүү чыгармачыл жана жаратмандык иш-аракеттеринин ишке ашуу процесси. Ал максаттуу, жандуу жана эмоционалдуу баарлашып-сүйлөшүүгө негизделет.

***Кыргыз тилин эне тил катары окутууга коммуникативдик-ишмердүүлүк мамиле жасалып, окутуунун мазмундук өзөгүн текст түзүүсү (бардык түрлөрү)***, ал эми сабак процессии жандуу сүйлөшүү, талдоо, талкуулоо, текст түзүү иштери аркылуу жүргүзүлүшү кажет.Текст тилдик-кептик бирдик болуу менен бирге эле, ал дидактикалык да бирдик болуп саналат. Текст эне тилди окутуунун маанилүү эки багытын: тил системасын таанып-билүүгө жана сүйлөшүүнүн норма-эрежелерин, түрдүү кырдаалдарда кептик жүрүм-турумдун үлгүсүн бириктирип үйрөтүүгө шарт түзөт. Бул шартта текст тилдик системаны тейлеген мыйзам, нормаларды ж.б. тилдин функционалдык маанилери аркылуу өздөштүрүүгө өбөлгө болот.

Функционалдык стилдердин түрлөрүнө жараша тексттерди класстар боюнча колдонуунун болжолдуу пайыздык катышы 1-таблицада берилди.

| Класстар | Сүйлөшүү | Көркөм | Публицистика | Окуу-илимий | Иштиктүү стиль |
|---|---|---|---|---|---|
| 5-7 | 5% | 45-50% | 30-35% | 10% | 5% |
| 8-9 | 5% | 30-35% | 25-30% | 15-20% | 15% |
| 10-11 | 5% | 15-20% | 30-35% | 20-25% | 20% |
| Маалыматтын түрлөрү | Туташ жана туташ эмес (графика, схема, диаграмма, таблица, гистограмма, иллюстрация) тексттер. | | | | |

Эне тилин окутууда элдик педагогиканын «жакшы сүйлөгөнгө сүйлөп гана үйрөнүүгө болот», «жакшы ойлонсоң, жакшы сүйлөйсүң» деген накыл-насаатын, улуттук этникалык-тилдик өзгөчөлүктөрүн эске алуу талабы да коюлат. Орто мектепти бүткөн

окуучу кеп ишмердүүлүгү – бул адам баласынын жеке, жалпы жана бардык ишмердүүлүктөрүнүн ажырагыс бөлүгү, компоненти экендигине бекем ынанууга тийиш. Кеп ишмердүүлүгүн өстүрүп-өркүндөтүү ой жүгүртүүгө, ой жүгүртүү аң-сезимге, ал таанып-билүүгө, ал эми таанып-билүү кызыгууга, умтулууга байланыштуу, атүгүл көз каранды. Демек, кыргыз тилин окутууда окуучунун кеп ишмердүүлүгүн өркүндөтүү менен, анын өзүн-өзү таанып-билүүсү, инсан катары калыптануусу, коомго, коомдогу социалдык-турмуштук жагдай-шарттарга жараша өз көз карашынын иштелип чыгышы, коллективде жашоого көнүгүүсү, турмуштук, ишмердүүлүк максатын аныктап, ага жетүүгө өбөлгө түзүлүшү, жеке суроо-талаптарын, муктаждыктарын канааттандырууга жол табышы, тилди баарлашуунун максаты менен кырдаалына жараша колдоно билүүсү сыяктуу турмуштук зарыл компетенцияларга ээ болуусун камсыз кылуу маселелери чечилүүгө тийиш.

**Окуу ресурстарын тандоонун жана окутуунун принциптери**

Кыргыз тилин окутуунун стандарты окутуунун жалпы дидактикалык принциптерине (илимийлүүлүк, жеткиликтүүлүк, табигыйлык, ырааттуулук, көрсөтмөлүүлүк ж.б.) жана жеке предметтик принциптерге негизделет. Предметтик принциптер эне тилди өздөштүрүүнүн мыйзам-ченемдеринен келип чыгат, атап айтканда, алар:

**Коммуникативдик принцип.** Окуучулардын тилди каражат катары пайдаланып, сүйлөө, жазуу жана жалпы эле карым-катыш жана байланыш каражаты катары талаптагыдай өздөштүрүү көңүлгө алынат.

**Тил жана ойлоонун биримдиги принциби**. Тил жана ойлоо – биримдикте ишке ашканда гана окуучунун жазуу-оозеки кеби так болот, ойду так берет, айтайын деген оюн оозек –жазуу кебинде так ишке ашырат.

**Предмет аралык байланыш жана окуу материалдарын интеграциялоо принциби**. Кыргыз тили сабактары адабият, музыка, математика, тарых, география, биология ж.б. предметтер менен тыгыз байланышта болуу менен, алардын мазмунун чагылдырган тексттер дидактикалык материал катары кеңири колдонулат жана окуучулардын кеби ар тараптуу, ар түрдүү, тематикага бай болот, түшүнүктөрү жалпыланат, алардын түзүлүшү жана сөз каражаттары талданат. Окуу материалдары интеграциялануу кезинде интеграциялоонун жарыш, удаалаш, курчама ж.б. моделдери колдонулат. Мисалы: лексика темасын окутууда “Манас” эпосундагы буюмдардын, жер-суунун, кийимдердин, адамдардын, жаныбарлардын, окуялардын, ж.б. аттарын үйрөнүү.

**Деңгээлдик негизде окутуу принциби.** Бул принцип төмөндөгүдөй эки түрдүү технологияны камтышы мүмкүн: биринчиси- репродуктивдүү, продуктивдүү жана креативдүү), экинчиси - окуу материалдарын маалыматтык негизде билүү, билгенин практикада колдонуу, өздөштүрүү кезинде түзүлгөн проблемалуу жагдайларды чечүү жана чыгармачылыгын көрсөтүү ишмердиктери принциптүү түрдө ишке ашырылат. Бул экинчи технология – калыптандыруучу билим берүү кезиндеги ишмердикке негизделген таксономия деп аталат.

**Тилден-кепке, кептен-тилге принциби**. Бул кыргыз тили сабактарын практикалык негизде жүргүзүүнү эске салат. 5-класстан тартып, грамматикалык материалдар кептин материалдары (текст, кептин түрлөрү, стилдери) менен байланыштырылып, грамматиканы өтүүдө текстти колдонуу жана 10-11-класстарда тексттин грамматикасын талдоо аркылуу ишке ашырылат, *тактап айтканда, 5-9-класстарда “грамматикадан –*

*кепке” (сүйлөмдөр аркылуу текст түзүлөт), ал эми 19-11-класстарда “кептен – грамматикага” (тексттин грамматикасы иликтенет) деген принцип ишке ашырылат.*

**Дүйнө таанытуучулук принцип** тилди дүйнө таанууну калыптандыруучу каражат катары, анын келип чыгышы, тарыхый өнүгүшү, функциялары, системалуулугу, тилдердин көп түрдүүлүгү, жазуу-сызуунун келип чыгышы, кыргыз эли, тарыхы, маданияты, кыргыз адабий тили жана аны коомдук турмуштун бардык чөйрөлөрүндө колдонуу, өнүктүрүү, сыймыктануу, коргоо ж.б. маалыматтарды камтыган окуу материалдарын (тексттерди) тандоону талап кылат.

**Системалык-функционалдык принцип** кептин түрдүү типтерине жараша тандалган жана түрдүү стилдердеги тексттерди колдонууну көңүлгө алат. Ал аркылуу окуучулардын кеп ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүнүн теориялык жана практикалык негиздерин үйрөтүү, кыргыз адабий тилин баарлашууну ишке ашыруучу, тилдик жана кептик маалыматтарды сактоону камсыз кылган система катары туюндурган негизги түшүнүктөрдү тандоо, өздөштүрүү ишке ашат.

**Эстетикалык принцип**эне тилдин байлыгын, анын көркөм сөз каражаттарын, кеп маданиятын, тексттин этикалык, эстетикалык жагдайларын талдап үйрөнүүнү талап кылат. Аларды өздөштүрүү менен окуучунун кебинин көркөм, орундуу, эмоционалдуу болуусун, кеп ишмердүүлүгүн сапаттуу өркүндөтүүнү көздөйт. Кыргыз жергесинин, кыргыз маданиятынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырган тексттердин мазмунун жеткире өздөштүрүүгө багытталат.

**2.4. Предметтик компетенттүүлүктөр**

**Предметтик компетенттүүлүктөр катары төмөнкүлөр эске алынды:**

***Тилдик компетенттүүлүк:***

– 11-класстын бүтүрүүчүсү эне тилинин жеке жана жалпы мыйзамдарын чагылдыруучу нормалар жана эрежелер боюнча билимге ээ болот, *грамматикалык котегорияларды талдап -түшүндүрө алат, тилдик материалдар боюнча* аналитикалык ой жүгүртүү көндүмдөрүнө ээ болот дегенди билдирет;

- тилдик бирдиктердин, тилдин системасындагы алардын функцияларын тексттеги ролу менен байланышта түшүнөт;

- тилдик бирдиктерди колдонуп, кептин түрлөрүнө жараша таза, туура, так, логикалуу, бай сүйлөп жана жаза алат.

- лингвистикалык түшүнүктөрдү, алардын кептеги функциялары менен маанилерин тексттин стилдерине ылайык комплексттүү түшүнүшөт;

- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасын, семантикасын тексттин стилдерине жараша айырмалай алышат;

- кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн айырмалай билишет;

- окуп үйрөнгөн орфограммалардын жана пунктуациялык эрежелердин көлөмүнө ылайык орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөргө ээ болот.

***Кептик компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт***:

– мектептин бүтүрүүчүсү (сүйлөөчү-угуучу) карым-катнаштык негизде аткарылуучу милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк корун байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жөндөмдүү дегенди билдирет.

- карым-катнаштын (коммуникациянын) максатына ылайык жүрүп жаткан сүйлөшүүнүн же текстеги ойдун предметин жана темасын түшүнөт жана түшүндүрүп бере алат;

- тексттеги негизги идеяны жана кошумча маалыматтарды бөлүп көрсөтүп, аларды талдап салыштырат;
- мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык-семантикалык типтерин, кептин ар кыл түрлөрүн, тексттин жанрлары менен стилдерин айырмалайт жана оозеки, жазуу жүзүндө пайдалана алат;
- адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзөт;
- текстти ар кыл стилдик айырмачылыктарына (бир стилдеги текстти экинчи стилге айландыруу), түрдүү эмоционалдык жагдайларга (тондорго) ылайыктап кайрадан түзөт.
- ар бир грамматикалык тема кеп маданиятын түзүүнүн негизи болот, демек-граммматикалык ар бир теманы үйрөнүү сабагы- кеп маданиятына үйрөнүү сабагы деп түшүнүлөт, кептин тазалыгы, тактыгы, тууралыгы, логикалуулугу, байлыгы, эмоционалдуулугу ж.б. түздөн-түз грамматикалык темалар менен тыгыз байланыштуу;

***Этномаданий компетенттүүлүккө ээ болуу булар менен түшүндүрүлөт:***

- мектеп бүтүрүүчүсү эне тилин жетик өздөштүрүү аркылуу социалдык- маданий- кептик шартты жана тарыхый-маданий контекстти эске алууга жөндөмдүү дегенди билдирет, б.а.:
- коомдо жүрүм-турумдун нормаларына ылайык баарлашуунун да социалдык ролу менен маани-маңызын түшүнө алат;
- элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү катары тилге жекече мамилесин билдирет;
- кеп адебинин нормаларына ээ болот;
- тилди маданий казынасы анын байлыгы катары түшүнүү ишке ашат;
- окуучу эне тилинде баланын таза, туура, так, логикалык жактан бай сүйлөсө, демек, ал кыргыз тилинин байлыгын, тазалыгын, тууралыгын, тактыгын ж.б. билдирет жана жеке адамдын тил маданияты улуттук тилдин маданиятын билдирет.
- жашаган аймагындагы башка улуттун өкүлдөрүнүн тилин, салт-нарктарын, материалдык маданиятын үйрөнүү жана аларды урматтап-сыйлоо ишке ашат.

## 2.5. Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн байланышы

Кыргыз тилин окутууда негизги компетенттүүлүктүн алкагында предметтердин мазмуну аркылуу калыптануучу жана ишке ашырылуучу, окуучунун социалдык тажрыйбасына негизделүүчү билим берүүнүн натыйжасы катары иш алып барат.

Негизги компетенттүүлүктөр (маалыматтык, социалдык-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү) кыргыз тили сабактарында төмөндөгү каражаттар аркылуу калыптанат: окутуунун интерактивдүү методдору, сүйлөө кырдаалдарына жараша көндүмдөргө ээ болуусу, коомдук турмуштун ар түрдүүлүгүн чагылдырган тексттерге *( жарнама, афиша, репортаж, меню, рецепт, резюме, токтом, буйрук ж.б.)* атайын тапшырмаларды коюп иштөө, ар түрдүү жанрдагы, тематикадагы тексттерди анализдөө, текстти жаза билүү, кеп-ой ишмердигин өнүктүрүүгө багытталган көнүгүүлөрдү аткаруу, биргелешип окуп-үйрөнүү, долбоорго негизделген окуу жана изилдөө жүргүзүү, МТны (маалымат технологиясы) сабактары аркылуу өнүктүрүү менен предметтик компетенттүүлүгү калыптанат.

**Негизги компетенттүүлүктөр.** Кыргыз тили предметинде калыптануучу негизги компетенттүүлүктөр катары булар эсептелинет:

1. **Маалыматтык компетенттүүлүк** – окуучулардын өз эне тилинде өз алдынча маалыматтарды алуу, издөө, талдоо, тандап алуу, иштеп чыгуу, маалымат булагы боюнча өз алдынча жүйөлүү тыянактарды түзүү, чечим кабыл алуу, мүнөздөмө берүү, баа берүү,

сынчыл ой жүгүртүү жана өз ишин пландаштыруу жана ишке ашыруу боюнча негиздүү чечимдерди кабыл алуу, көз карашын бекемдөө, маалыматтын негизги мазмунун, себептик-натыйжанын байланышын, сүйлөп жаткан адамдын окуяларга жана аракеттеги адамдарга мамилесин кабылдоо, оозеки чыгып сүйлөө жана жазуу жүзүндөгү берилген жанрда маалыматты сунуш кылуу, ошондой эле маалыматтык-коммуникативдик технологияларды колдонуу жөндөмүнө ээ болот.

2. **Социалдык-коммуникативдик компетенттүүлүк** – стандарттуу коммуникациялык кырдаалда өз ролун жана өнөктөштөрүнүн позицияларын аныктайт, өзүнүн, башка адамдардын жана социалдык топтордун кызыкчылыктары эске алуу менен эне тилинде жазуу жана оозеки түрүндө сабаттуу, маданияттуу негизде байланыштырууга даярданат, өз көз карашын позициялардын ар түрдүүлүгүн таануунун жана башка адамдардын (диний, этникалык, кесиптик, инсандык) баалуулуктарын урматтоонун негизинде коргоп калууга, катышуучулардын позицияларынын күчтүү жана чабал жактарын жана аларга өзүнүн катышуусун белгилөө менен коммуникациянын натыйжаларын талдайт, көйгөйлөрдү чечүү үчүн керектүү маалыматтарды алуу, баарлашууда эмоционалдык интеллектти колдоно жана өркүндөтө билүүгө, берилген үлгү боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө өз оюн тариздейт.

3. **Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чечүү компетенттүүлүгү** – маалыматтарды кабыл алууда, аларды талдоодо, окуу жана турмуштук жагдайларда түрдүү карама-каршылыктарды табууга жана ар кандай ыкмаларды эне тилинде пайдалануу менен аларды өз алдынча же башка адамдар менен өз ара аракеттенүү менен чечүүгө, ошондой эле эне тилинде турмуштук ар кандай көрүнүштөрдө, сунуш кылынган кырдаалдарда өзүн –өзү баалай билүүгө, өз билимине, жүрүм-турумуна талдоо жасоого, коюлган маселени аныктоого, сабаттуулук менен чечимдерди кабыл алууга калыптанат .

**Түйүндүү компетенттүүлүктөр (билгиликтер)** (маалыматтык, социомаданий-коммуникативдик, өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүүчүлүк) кыргыз тили сабагында предметтик: тил таануучулук, кептик жана этномаданий компетенттүүлүктөр (билгиликтер) аркылуу калыптанат (2-чиймени караңыз).

Сүрөткө карайлы:



Булардан биз эмнени түшүнөбүз? Албетте, негизги компетенттүүлүктөр - бул, адамга коюлган социалдык заказ, т.а. , турмуштук талап болуп саналат, ал: биринчиден, жалпы эле турмуштук  билимдерди, экинчиден, ал билимдер аркылуу социомаданий шартта коомдо иштеп-жашоону элестетсе, үчүнчүдөн,  өзүн-өзү таануу,  кездешкен ар кандай көйгөйлөрдү чече алуу компетенттүүлүктөрүн элестетсе,  предметтик компетентүүлүктөр  негизги компетентүүлүктөрдү окуу предметтери аркылуу турмушка ашырууну көздөйт. Ал сабакта үйрөнгөн тилдик материалдарды кепке айландыруу, ал эми кептик көйгөйлөрдү баарлашууда колдонуу жана ал аркылуу этномаданий компетенттүүлүккө ээ болуу,  т.а.,  тил аркылуу элди таануу көйгөйлөрүн чечүүнү көздөйт. Алар адамды кайрадан турмушка даярдоого багытталат, б.а. предметтик компетенттүүлүктөр кайра негизги компетенттүүлүктөргө айланат, ошентип, бул компетентүүлүктөр өз ара логикалык жактан тыгыз байланышта турушат, бири-бирисиз практика жүзүндө ишке ашпайт жана бул чынжыр бузулса, мектепте билим берүүнүн логикасы да бузулат.

Демек, кыргыз тили сабактарында грамматикалык сабаттуулук менен коммуникативдик ишмердик негизги көңүл буруучу эки жетектөөчү түшүнүк катары алынды (грамматика кептин ичинде каралат). Мектепти бүтүргөн окуучу эне тилинде сабаттуу болуу менен,  бай сөздүк корго ээ болуп, өз оюн эркин жана так оозеки-жазуу жүзүндө билдирүүгө жөндөмдүү болуу менен ар түрдүү кырдаал жана карым-катнаштын чөйрөлөрүндө жазуу жана сүйлөө маданиятынын калыптануусу менен көп ийгиликтерге жетишет. Эне тили боюнча карым-катнаштын маданиятына жетишүү бул – башка предметтерди сабаттуу өздөштүрүүнүн негизи болуу менен,  башка элдердин да маданиятын сыйлоо сезимин өнүктүрүүнү жөнгө салат.

Азыркы заманбап окутуу методикасынын өзгөчөлүгү окуу процессинин шарттарын табигый шарттардын талаптарына шайкеш кылууга, ага жакындатууга умтулуу менен мүнөздөлөт. Андыктан мугалим менен окуучунун эки тараптуу, биргелешкен чыгармачыл ишмердигинин натыйжасында предметтик (тил таануучулук, кептик жана этномаданият таануучулук) билгиликтерди калыптандырууга зор маани берилет. Предметтик компетенттүүлүктөр   окуучулардын чыныгы муктаждыктарына, катнаш үчүн зарыл жана өз ара макулдашылган билгичтиктеринин мүмкүнчүлүгүнө жараша аныкталып, тилдик, кептик жана этномаданий компетенттүүлүктөрдү калыптандырууга шарт түзөт.

**Негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдүн өз ара байланыш таблицасы**

| **Негизги компетент-түүлүктөр** | ***Кыргыз тили сабагында калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр*** | | |
| --- | --- | --- | --- |
| | **Тилдик (ПК1)** | **Кептик (ПК2)** | **Этномаданий компетенттүүлүк (ПК3)** |
| **Маалымат-тык (НК1)** | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| - текст), өз алдынча изденүүсү, тандап алуусу, маалыматты кайра иштеп чыгуу;<br>- аргументтүү жыйынтыкты чыгарууну калыптандыруу;<br>- маалыматтын тактыгын баалоо;<br>-өз иш-аракетин пландаштырып ишке ашырууда сынчыл ой-жүгүртүп, туура жыйынтык чыгара алуусу, ошону менен бирге коммуникациялык технологияны колдоно билүү. | - адабий тилдин нормасына ылайык окулган тил каражаттарын табуу, анализдөө, ошондой эле ИКТны колдонуу;<br>- тандалган жазуу эрежелери менен орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулукка ээ болуу;<br>- тилдик бирдиктердин синонимдештигин, структурасын, семантикасын тексттин стилдерине жараша айырмалоо;<br>- алдын ала иштелип чыккан план боюнча өзүнүн жазган (эссе, дил баян, текст) түзүү, баяндаманын тексттерин түзө билүү;<br>-тилдик бирдиктердин, тилдин системасындагы алардын функцияларын тексттеги ролу менен байланышта түшүнө билүү;<br>- тилдик бирдиктерди колдонуп, кептин түрлөрүнө жараша таза, туура, так, | - коммуникативдик максатка ылайык баарлашуунун ар түрдүү кырдаалында кептик жана кептик эмес каражаттар менен интонация каражаттарынын бардыгын, этикет сөздөрүн жана фразаларды туура тандап алуу, колдоно билүү;<br>- окутуунун кептик кырдаалдарынын чегинде өз оюн тууралап, так, логикалуу, далилдүү айта билүү;<br>- лингвистикалык түшүнүктөрдү, алардын кептеги функциялары менен маанилерин тексттин стилдерине ылайык комплексттүү түшүнүү жана формасына жана мазмунун баалоо;<br>- белгилүү кептик кырдаалга карата коммуникативдик максатты пландаштыруу жана ишке ашыруу, ошондой эле ИКТны колдоно билүү. | - кыргыз тили окуучунун эне тили экендиги тууралуу билүү;<br><br>- эне тилин билүү, эне тилинде таза сүйлөө, аны сүйүү тууралуу билүү;<br><br>- улуттук лексикалык каражаттардын маанилерин билүү, түшүнүү. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | логикалуу түрдө жаза билүү. | | |
| **Социалдык-коммуникативдик (НК2)** | ***Кыргыз тили сабагында калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр*** | | |
| | **Тилдик (ПК1)** | **Кептик (ПК2)** | **Этномаданий компетент-к (ПК3) (ПК3)** |
| - өз ой-максаттарын башкалардын кызыкчылыктары менен дал келүүсүнө даяр болуусу;<br>- көп маданияттуу дүйнөдө эффективдүү карым-катнашка үйрөнүү;<br>- башкалардын (диний, этникалык, гендердик) баалуулуктарын сыйлоо аркылуу өз оюн так билдирүү;<br>- диалог түзө алуу, аны оозеки жана жазуу формаларында колдоно билүү; | - коммуникативдик максаттарды жана ага ылайык окулган тил каражаттарын (сөздөр, алардын формалары, синтаксисттик талдоолор) билип колдонууга даярдануу;<br>-текст менен комплекстүү иштөө, текстке лингвистикалык (сөз, сөз айкашы, сүйлөм, курулушу, сөз мааниси, этимологиясы ж.б.) анализ жүргүзүү. | - баарлашуунун ар түрдүү кырдаалында сүйлөө маданиятын колдонууга даяр болуу, сүйлөө этикетинин нормаларына ылайык диалог жүргүзүүгө даярдык көрүү;<br>- проблемаларды чечүү үчүн диалог түзүү, андан керектүү маалымат алуу менен оозеки жана жазуу түрүндө бере алуу. | -жашаган, окуган, коомдук чөйрөлөрүндө улуттук маданий иш-чараларга катышуу, ал аркылуу лексикалык каражаттарды колдонуп сүйлөөгө үйрөнүү. |
| **Өзүн-өзү таануу жана көйгөйлөрдү чече билүү (НК3)** | ***Кыргыз тили сабагында калыптануучу предметтик компетенттүүлүктөр*** | | |
| | **Тилдик (ПК1)** | **Кептик (ПК2)** | **Этномаданий компетенттүүлүк (ПК3)** |
| - маалыматтагы окутуу жана турмуштук кырдаалдарда көйгөйлөрдү жана келишпестиктер | - өз тексттеринде жана классташтарынын тексттеринде грамматикалык жана мааниси | - байланыштын окуу жана турмуштук кырдаалдарында көйгөйдү көрө билүү, аларды сынчыл ойлоп, биргелешип иштөө диалогун колдоо менен аларды чечүү жөндөмдүүлүгү. | -улуттук маданий иш-чараларда катышууда жана ушул багытта жана тематикада жазуу-оозеки иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда элдик-маданий лексикалык каражаттарды |

| | | | |
|---|---|---|---|
| ди көрө билүү жөндөмдүүлүгү;<br>- аларды өз алдынча пландаштырып чече билүү, же болбосо сынчыл ой жүгүртүү менен анализдөө жөндөмдүүлүктө рүн колдонуп, башка бирөөлөр менен биргелешип чечүү. | боюнча каталарды таба билүү;<br>- сынчыл ой жүгүртүү көндүмдөрүн колдонуу менен башкалардын оюн сыйлоо аркылуу тексттерди өз алдынча же башка бирөөлөр менен редакциялоо;<br>- лингвистикалык компетенттүүлүк окуучунун инсандык таанып билүү маданиятын, логикалык ой жүгүртүүсүн, окуучулардын эс тутумун, фантазиясын өнүктүрүүнү, интроспекция , өзүн-өзү баалоо көндүмдөрүн өздөштүрүүнү камсыз кылуу; | | туура, так колдонууга үйрөнүү, улуттук-патриоттук сезим-туюмдарга ээ болуу;<br>- башка милдеттерди чечүүдө алган билимин, жөндөмүн, тажрыйбасын пайдалануу мүмкүнчүлүгүнө ээ болуу;<br>-өз улутунун гана эмес, башка улуттун өкүлдөрүнүн да маданий баалуулуктарын билүү. |

## 2.6. Мазмундук тилкелер (линиялар). Окуу материалдарынын мазмундук тилке (линия) жана класстар боюнча бөлүштүрүлүшү

Кыргыз тили предметинин мазмуну жөнөкөйдөн татаалга кеткен өз алдынча системаны түзүп турат. Ал кыргыз тилин эне тили катары окутуунун негизги багыттары катары эсептелинет жана ал мугалим менен окуучуга предмет боюнча түшүнүктү жалпылап жана бүтүндүгүн түшүндүрөт.

***Кыргыз тилинин мазмундук тилкесин төмөндөгү бөлүктөр түзөт:***

- сөз, анын тилдеги жана кептеги орду;
- сүйлөм, анын тилдеги жана кептеги орду;
- байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер;
- фонетика;
- орфоэпия;
- орфография;
- пунктуация.

Бул мазмундук өзөк окутуунун бардык этаптарын аралап өтүүчү сызыкты түзөт жана ар бир класстын тиешелүү учурларында ачылып берилет. Курс кыргыз тилин башталгыч класстардан тартып окутуунун логикалык уландысы болуп саналат, т.а., жалпы мазмун, окуп-үйрөнүүнүн формалары менен методдору уланмалуулук принцибинин негизинде түзүлгөн.

***Курс төмөндөгүдөй этаптарга бөлүнөт жана анын*** мазмуну мындайча:

**1-этап. 5-класс**: башталгыч класс менен жогорку класстардын материалдарын камтыган аралык этап.

Бул этапта текст жөнүндө, тил бирдиктери: сөз, сөз айкаштары, сүйлөм, алардын кептеги кызматы жөнүндө маалыматтар кайталанат, тереңдетилет. Фонетика, орфоэпия жана графика боюнча («сөз жана аны тыбыштык кабыл алуу) маалыматтар өзүнчө бөлүктөр менен берилет.

**2-этап «Тилден-кепке»** деп аталат. Бул – ич ара эки этапка бөлүнүү менен 6-7-класстар: морфология курсун жана 8-9-класстар: синтаксис курсун камтыйт. Ал учурда грамматикалык материалдарды практикалык максатта өздөштүрүү менен, бардык иш-аракет кепке багытталат, т.а., сөз сүйлөм түзүүнүн, ал эми сүйлөм текст түзүүнүн негизги каражаты болуу менен, кептин түрлөрүн, андан ары тексттин стилдерин үйрөнүүгө жана түзүүгө багытталат.

**3-этап**. **«Кептен-тилге»** деген модель менен аталат. Бул этап 10-11-класстарды камтуу менен, анда бардык иш-аракет байланыштуу кеп, кеп маданияты, кептин түрлөрү, текст жана стилдер боюнча окуу материалдары тереңдетилет. Окуучулардын жазуу жана оозеки багыттагы практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулат жана ошол аркылуу окуучулардын грамматикалык сабаттуулугу бекемделет, тексттин курулуш материалы катары грамматикалык –лексикалык материалдардын кептеги кызматын түшүнүү, аны колдонуу ишке ашат. Ошону менен бирге, текст жана кеп, кеп маданияты менен бирге лексика жана грамматика боюнча материалдарды жалпылоо, системалоо ишке ашат.

## Окуу курсунун мазмунунун түшүндүрмөсү:

Мазмундук тилкенин биринчи, т.а., “**Сөз, анын тилдеги жана кептеги орду”** аттуу бөлүгүндө сөздүн мааниси, кептеги ролу, сөз түркүмдөрү, алардын түрлөрү, кептеги кызматы ачылып берилет (6-7-класстар).

**“Сүйлөм жана анын кептеги орду”** аттуу бөлүгүндө сөз айкашы, сүйлөм, алардын түрлөрү, сүйлөмдүн кептеги коммуникативдик кызматы ачылып берилет (8-9-класстар).

**«Байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер**» аттуу бөлүгүндө байланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст, анын түзүлүшү жана стилдер боюнча системалуу иштер жүрөт, атап айтканда: текст талдоо, текстти өркүндөтүү жана жаңы текст түзүү менен, алардын тилдик табиятын – тилди тексттин курулуш материалы катары изилдөө жана окуучулардын байланыштуу кебин өнүктүрүү, жыйынтыгында, текст аркылуу окуучунун жазуу-сүйлөө ишмердүүлүгүн өркүндөтүү иштери аткарылат (10-11-класстар).

**“Кеп маданияты” бөлүмү да грамматикалык материалдар менен тыгыз байланышта үйрөнүлөт, анткенеи ал аркылуу ар бир сабакта окуучулардын эне тилинде таза, сабаттуу, так, туура, логикалуу жана бай сүйлөп жаза билүүсүнө багыт берилет жана ал ырааттуу уюштурулат.**

- фонетика" бөлүмүнөн тилдеги тыбыштардын жасалышы, тыбыштык системасы, тыбыштык өзгөрүүлөрү жөнүндө маалымат алышып, тыбыштардын өзгөчөлүктөрүн үйрөнүшөт.
- орфоэпия" бөлүмүнөн адабий тилде сөздөрдүн айтуу нормаларын туура сактап, кепте туура айтууга калыптанат.

**Орфография (5-11-кл.) бөлүгүндө окуучулардын орфографиялык сабаттуулугу бекемделинет;**

**Пунктуация (5-11-кл.) бөлүгүндө окуучулар сүйлөмдөрдү жазуудагы пунктуациялык сабаттуулугу бекемделинет, сүйлөмдү жазууда жанан сүйлөм түзүүдө, текст окууда эмоционалдык сабаттуулук калыптанат**.

Бул этаптардын ар биринин өзөгүн байланыштуу кеп, кептин түрлөрү жана стилдер, кеп ишмердүүлүгүнүн төрт түрү (угуу, сүйлөө, окуу, жазуу) аралап өтөт. Ал материалдар жөнөкөйдөн татаалга кеткен системалык ырааттуулук менен ар бир этапта ар бир класста грамматикалык-лексикалык материалдар менен бирге жуурулуштуруп сунушталып отурат.

**Окуу материалын мазмундук тилкелер (линиялар) боюнча класстарга бөлүштүрүү таблицасы**

(*эскертүү:* мазмундук тилкелердеги кептин жана грамматиканын материалдары окуу программасын түзүүдө бири-бирине байланыштырылып берилет, т.а. 5-9-класстарда грамматикалык материалдар кептин жана кеп маданиятынын материалдары менен, ал эми 10-11-класстарда, тетирисинде, кептин материалдары грамматиканын материалдары менен байланышта өтүлүп, окуучулар текстти талдоо, кайра түзүү жана жаңы текст түзүүдө алардын грамматикалык табиятына көңүл бурушат)

| | Мазмундук тилке | 5- класс | 6- класс | 7- класс | 8- класс | 9- класс | 10- клас с | 11 -класс |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Сөз, анын тилдеги жана кептеги орду | Фонема жөнүндө түшүнүк. Үндүү жана үнсүз тыбыштар жөнүндө түшүнүк. Үндөштүк мыйзамы (сингармонизм). Лексика жана кеп маданияты Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, тике жана кыйыр маанилери, синоним, антоним жана омонимдер | Үнсүз тыбыштар дын классификациясы, Үнсүздөрдүн окшошуусу жана окшошпоосу, Фонема Лексика, фразеология, лексиография, фразеология жана кеп маданияты Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары. Диалектилик, кесиптик | Морфология, орфография жана кеп маданияты. Тактоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тактоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тактоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Тууранды сөздөрдүн сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Тууранды сөздөрдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Тууранды сөздөрдүн маанисине | Сөз айкашы, анын мүнөздүү белгилери. Сөз айкашынын түрлөрү. | Каратма сөз, Киринди сөз. Сырдык сөз. | Сөздөрүн көп маанилүүлүгү Омонимдер, синонимдер, антонимдер, алардын түрлөрү жана стилдик багытта колдонулушу. Табу жана эвфемизмдер. Кыргыз адабий тили жана жергиликтүү диалектилери | Лексика. Кыргыз лексикасынын баюу жолдору. Фразеологизмдер (фразеологиялыка йкаштар, фразеологиялык ширешмелер, фразеологиялык бирдиктер жана алардын стилдик багытта колдонулушу), макал-лакаптар Адабий тилинин өнүгүүсү жана калыптануусу. Кыргыз эли колдонгон жазуулар: Орхон-Енисей, араб, латын, орус жазуулары. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | сөздөр. Терминдер. Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер, неологизмдер Фразеологизмдер. Лексикография. | карай бөлүнүшү. Сырдык сөздөрдүн лексикалык жана грамматикалык мүнөздөмөсү. Сырдык сөздөрдүн маанисине карай бөлүнүшү. Сырдык сөздөрдүн жазылышы жана колдонулуучу тыныш белгилер. Этиштин өзгөчө формалары жөнүндө түшүнүк. Атоочтуктар жана чакчылдар. | | | | |
| | | Сөз жасоо, сөздүн курамы<br>Сөздүн уңгу жана мүчөсү, сөз мүчөлөрүнүн түрлөрү, уңгулаш сөздөр | Сөз жасоо, орфография жана кеп маданияты<br>Сөз жасоонун жолдору. Сөз | | | | | Кыргыз тилинин лексикасынын байышынын негизги багыттары, жолдору (булактары) |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | жасоочу мүчөлөр, алардын түрлөрү, Сөздүн синтаксистик жол менен жасалышы, татаал сөздөр, алардын түрлөрү. Сөздүн лексикалык-семантикалык жол аркылуу жасалышы. | Кызматчы сөздөрдүн маани бербөөчү сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү, алардын түрлөрү. Жандоочтор, кызматчы сөз катары негизги касиети. Жандоочтордун бөлүнүшү. *Бөлүкчөлөр*, алардын негизги касиети. Бөлүкчөлөрдүн бөлүнүшү. | | | | |
| | | Сөз түркүмдөрү<br>Зат атооч, жөнөкөй жана татаал зат атоочтор болуп бөлүнүшү, зат атоочтордун мүчөлөргө жараша өзгөрүшү, алардын жөндөлүшү. | Морфология жана кеп маданияты:<br>Зат атоочтун жөндөлүшү. Сын | | Зат атооч, сын атооч, сан атооч, ат атооч, этиш | Атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөк. | Этиштин татаал формалары, алардын мүнөздүү белгилери. | Сөз түркүмдөрү боюнча кайталоо |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сын атооч, жөнөкөй жана татаал сын атооч болуп бөлүнүшү, туунду жана тубаса сын атоочтор;<br>Этиш, жөнөкөй жана татаал этиштер, негизги жана жардамчы этиштер, этиштин жакталышы, чактары, аларды уюштуруучу формалар | атооч, даражалары. Сын атоочтун түрлөрү, жазылышы.<br>Сан атоочтун сөз түркүмү катары мүнөздөмөсү. Сан атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү.<br>Сан атоочтун маанилерине карай бөлүнүшү.<br>Ат атоочтун сөз түркүмү катары | | | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | мүнөздөмөсү. Ат атоочтун грамматикалык түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Ат атоочтун маанисине карай бөлүнүшү. Этиштин ыңгайлары. Этиштин мамилелери. | | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 2 | Сүйлөм, анын тилдеги жана кептеги орду | Жөнөкөй сүйлөм жана анын түрлөрү (баш жана айкындооч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, кириндi сөз | Жөнөкөй сүйлөм (айкындоо ч мүчөлөр, бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, кириндi сөз) | Жөнөкөй сүйлөм (атоочтук жана чакчыл түрмөктөр) | Сүйлөм, анын негизги белгилери. Сүйлөмдүн айтылыш максаттарына карай бөлүнүшү. Сүйлөмдүн түзүлүшүнө карай бөлүнүшү. Эки тутумдуу, бир тутумдуу жөнөкөй сүйлөм. Сүйлөм мүчөлөрү, анын баш жана айкындооч мүчөлөрү. Ээ, жөнөкөй жана тутумдаш ээ. Баяндооч, жөнөкөй жана тутумдаш баяндоочтор. Баяндоочтун түрлөрү. *Аныктооч,* жөнөкөй, татаал аныктоочтор. *Толуктооч,* жөнөкөй, татаал толуктоочтор. *Бышыктооч,* жөнөкөй, татаал бышыктоочтор. Сүйлөмдүн бир өңчөй мүчөлөрү, алардын мүнөздүү белгилери. Сүйлөм тутумунда сөздөрдүн түз орун тартиби жана өзгөргөн терс орундары. | Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрү |
| | | Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн байланыш каражаттары | Татаал сүйлөм: Тике сөздү камтыган багыныңк ы татаал сүйлөм | Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү. Атама сүйлөм. Кемтик сүйлөм. | | Татаал сүйлөм, тең байланыштагы татаал сүйлөм, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөм. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөм. |
| | | Тике жана кыйыр сөз. Адеп диалогу | Тике жана кыйыр сөз. Диалог жана монолог | | Тике жана кыйыр сөз. Цитата. | Төл жана бөтөн сөз, тике жана кыйыр сөз |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 5- класс | 6 -класс | 7 -класс | 8 -класс | 9 -класс | 10 -класс | 11- класс |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | айланыштуу кеп, кептин түрлөрү, текст жана стилдер | Текст, анын мүнөздүү белгилери (тексттин тематикалык, маанилик, стилдик, грамматикалык бүтүн бирдиги).Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин эң кичине бирдиги сүйлөм, тексттин темасы жана негизги оюю. Текстке ат коюу (темага же негизги ойго байланыштуу). Тексттин планы тууралуу түшүнүк. | Тексттин мүнөздүү белгилери (кайталоо). Тексттин маанилик бүтүндүгү. Тексттин темасы; тема жана подтема. Тексттин түзүлүшү, окуянын башталышы, өнүгүшү жана аякташы. Абзац, анын текст түзүүдөгү мааниси. Тексттин жөнөкөй планы (тереңдетип үйрөтүү). | Тексттин темасы, анын бөлүнүшү (кеңейтип кайталоо). *Тексттин маанилик бүтүндүгү.* Тексттин бөлүктөрү: тексттеги ойдун башталышы, өнүгүшү, аякташы (кайталоо). Тексттеги сүйлөмдөрдү байланыштыруучу тышкы тил | *Текст.* Тексттин түрлөрү, тексттеги абзац, микротема (тереңдетип кайталоо).Тема менен негизги ойдун сүйлөмдөгү орун тартиби түз жана өзгөргөн, терс экспрессивдүү орун тартиби. Тексттеги сүйлөмдөрдүн өз ара ички маанилик байланышуу жолдору (уланма байланыш, темалар аралык байланыш, удаалаш байланыш). Тексттеги сүйлөмдөрдүн | *Текст,* анын мүнөздүү белгилери боюнча билимдерди системалаштыруу жана жалпылаштыруу | *Кептин түрлөрү.* Кептин түрлөрү жана кептин стилдеринин карым-катнашы; ой жүгүртүү менен илимий стилдин карым катнашын аныктоо; публицистикалык стилдеги тексттен баяндоо жана ой жүгүртүү кебинин элементтерин таап, алардын публицистикалык стиль менен карым-катнашын аныктоо. | Стиль, стилистика жана кеп маданияты<br>Кыргыз адабий тилинин өнүгүшү |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Жөнөкөй план. | | каражаттары (сөздөрдүн кайталанышы, 3 жактагы жактама, шилтеме ат атоочтор, синоним жана антоним сөздөр, тектеш аталуулар). Орундуу кайталоо, анын зарылдыгы. Орунсуз кайталоо, аны чектетүүнүн жолдору | байланыштыруучу тил каражаттары. | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | *Кептин түрлөрү*: баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү (жалпы маалымат). Баяндоо, анын мүнөздүү белгилери. Сүрөттөө жөнүндө жалпы маалымат. Сүрөттөө объектилеринин түрлөрү: жандуу, жансыз заттарды сүрөттөө. *Кептин стилдери*: оозеки стиль, жазма стиль. Расмий жана расмий эмес иш кагаздар. кулактандыр | *Кептин түрлөрү.* Жандуу, жансыз заттарды, айлана-чөрөнү сүрөттөө (кайталап бышыктоо же тереңдетип кайталоо). *Кептин стилдери.* Стиль жөнүндө түшүнүк. Кептин оозеки жана жазма стили. Оозеки сүйлөшүү стилинин мүнөздүү белгилери (алгачкы | *Кептин түрлөрү.* Баяндоо, (айлана-чөйрөнү) сүрөттөө (кайталоо). Ал-абалды (адамды, айбанды) сүрөттөө. Ой жүгүртүүнүн мүнөздүү белгилери. *Кептин стилдери.* Көркөм стилге мүнөздүү тил каражаттары (кайталоо). Илимий стиль, анын | *Кептин түрлөрү.* Сүрөттөөнүн объектилери: жандуу, жансыз заттар, орун, айлана-чөйрө, ал-абал (кайталоо). Ой жүгүртүүнүн структурасы: тезис, далилдер, тыянак, аларды байланыштыруучу каражаттар. Ой жүгүртүүнүн баяндоодон жана сүрөттөдөн айырмачылыгы. *Кептин стилдери.* *Илимий стилге* мүнөздүү тил каражаттары жана андагы кептин | *Кептин түрлөрү.* Кептин түрлөрү боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу Кептин түрлөрү менен кептин стилдеринин карым-катнашы, баяндоо, сүрөттөөнүн көркөм стиль менен карым-катнашы.*Кептин стилдери.* Публицистикалык стилдин башка стилдерден өзгөчөлүгү (тереңдетип, кеңейтип кайталоо). | *Кептин стилдери.* Кептин стилдери боюнча системалаштыруу жалпылаштыруу Кептин стилдеринин стилдик белгилери боюнча өз ара карым-катнашы.Расмий иш кагаздары. *Программа. Устав.* Илимий стилде аткарылуучу практикалы иштерге түшүнүк. *Реферат. Конспект. Цитата.* Публицистикалык стилде аткарылуучу практикалык иштер тууралуу түшүнүк. *Интервью. Репортаж.* | *Кептин түрлөрү.* Кептин түрлөрү боюнча Билимин системал жалпылаштыруу. Кептин түрлөрү жана кептин стилдеринин карым-катнашы. *Кептин стилдери.* Расмий жана расмий эмес иш кагаздары боюнча билимдерин системалаштыруу, жалпылаштыруу. Публицистикалык стилде аткарылуучу практикалык иштер. *Портреттик очерк. Макала* Илимий стилде атк практикалык иштерге түшүнүк. *Библиография. Конспект. Реферат.* (Кеңейтип к Көркөм адабий стилдеги атк иштер. Аңгеме, жомок, тамс *Кеп маданияты жөнүндө түшүнүк.* Кеп маданиятынын белгилери, анын компоненттери. Кептин тазалыгы, |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | уу, арыз, чакыруу кагазы. | маалымат) .Көркөм стиль, анын мүнөздүү белгилери : колдонулуш чөйрөлөрү , колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик).Расмий эмес иш кагаздар. Тил кат. Ишеним кат. Дарек (адрес). Телеграмма. | мүнөздүү белгилери: колдонулуш чөйрөсү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Публицистикалык стиль тууралуу жалпы түшүнүк. Расмий эмес иш кагаздары . Өмүр баян. Мүнөздөмө. Аннотаци | берилиш өзгөчөлүгү (кайталоо). *Публицистикалык стиль:* колдонулуш чөйрөлөрү, милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулуш тил каражаттары (лексикалык, морфологиялык, синтаксистик). Публицистикалык стилде аткарылуучу иштерге мүнөздөмө. Макала (дубал газетага). Газеттик жана журналдык кабарлар, жаңылыктар. | Расмий-иштиктүү стиль, анын мүнөздүү белгилери: колдонулуш милдеттери, кептин берилиш өзгөчөлүктөрү, колдонулган тил каражаттары. Расмий эмес иш кагаздары боюнча өтүлгөндөрдү тереңдетүү жана алардын татаал түрлөрүн (мүнөздөмө, токтом, отчет) өздөштүрүү. Расмий иш кагаздары: мыйзам, указ, буйрук. | | тактыгы, тууралыгы, логикалуулугу, орундуул адеби, байлыгы, эмоциона булардын өз ары катышы жа каражаттары. Чечендик кеп анын белгилери. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | я. Түшүнүк кат. | | Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге мүнөздөмө. Тезис. Доклад. | | |
| | Орфография | 5- класс | 6 - клас с | 7- класс | 8 -класс | 9 -класс | 10 -класс | 11- класс |
| | | Бир сөз ичинде к,п тыбыштарын ын г, б тыбыштарын а өзгөрүп жазылышы. С – з, к – г, д – т, б – п, ч – ш түгөйлүү үнсүздөрдүн жазылышы. Созулма үндүүлөрдүн туура жазылышы. ъ,ь белгилерини | Сөздөрдү, сөз мүчөлөрү нүн жазуу эрежелери ; сөздөрдү бирге, бөлөк, дефис аркылуу жазуу эрежелери ; баш тамгаларды жазуу; ташымал. | | | | | Кыргыз орфографиясынын принциптерине таянган орфографиялык нормалар. |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | н туура жазылышы | | | | | | |
| | | Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери<br>Зат атооч, сын атооч, этиш | Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери<br>Зат атооч, сын атооч, сан атооч , ат атооч.<br>Этиштин ыңгайлары.<br>Этиштин мамилелери. | Сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери<br>Тактооч, тууранды сөздөр, сырдык сөздөр, этиштин өзгөчө формалары, кызматчы сөздөрдүн жазылышы | Маани берүүчү жана кызматчы сөз түркүмдөрүн жазуу эрежелери<br>Зат атооч, категориялары<br>Этиш жана анын катеориялар | Тике жана кыйыр сөз<br>Төл жана бөтөн сөздүн жазылышы<br>Атоочтук түрмөк, чакчыл түрмөктөрдүн жазылышы. | Этиштин татаал формаларынын жазуу эрежелери | Фразеологизмдердин жазылышы. |
| | | Бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз | Бир өңчөй мүчөлөр, каратма сөз, киринди сөз | атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн жазылышы | | | | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 5. | | 5- класс | 6- класс | 7- класс | 8 -класс | 9- класс | 10- класс | 11 -класс |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Сүйлөмдүн аягындагы тыныш белгилери | | | | | Баш мүчөлөрдүн арасына сызыкчанын коюлушу | |
| | | Баш мүчөлөрдүн арасына сызыкчанын коюлушу. Бир өңчөй мүчөлөрдө, каратма сөздө, кирин ди сөздө коюлуучу тыныш белгилер. | Бир өңчөй мүчөлөрдө, каратма сөздө, киринди сөздө коюлуучу тыныш белгилер. Расмий эмес иш кагаздардагы тыныш белгилер | Атоочтук жана чакчыл түрмөктөрдүн жазууда белгилениши. Тууранды сөздөр менен сырдык сөздөрдө илеп белгисинин коюлушу. | Жөнөкөй сүйлөм Жөнөкөй сүйлөмдөгү сызыкча. Бир өңчөй мүчөлөрдө үтүр белгисинин коюлушу. | Сүйлөмдүн обочолонгон түшүндүрмө мүчөлөрүндөгү тыныш белгилери | Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн арасына коюлуучу тыныш белгилер. | |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер | Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер | Татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдөрдүн арасындагы тыныш белгилер | | Татаал сүйлөмдө, тең байланыштагы татаал сүйлөмдө, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери. | | Татаал сүйлөмдө, тең байланыштагы татаал сүйлөмдө, багыныңкы байланыштагы татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери. Көп багыныңкылуу татаал сүйлөмдөгү тыныш белгилери. |
| | | Тике жана кыйыр сөздөгү тыныш белгилер | | | Цитатаны белгилеп жазуудагы тыныш белгилери. | Төл жана бөтөн сөз, тике жана кыйыр сөздөгү тыныш белгилери | Цитатанын тыныш белгилери. Интервьюнун тыныш белгилери. Репортаждагы тыныш белгилер. | Фразеологизмдердеги жана макал-лакаптардагы тыныш белгилери |

| | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6. | Лексика | Лексика жана кеп маданияты Бир маанилүү жана көп маанилүү сөздөр, тике жана кыйыр маанилери, синоним, антоним жана омонимдер | Лексика, фразеология, лексиография, фразеология жана кеп маданияты Кыргыз тилинин сөздүк кору, анын ар түрдүү катмарлары. Диалектилик, кесиптик сөздөр. Терминдер. Эскирген сөздөр, алардын түрлөрү: историзмдер, архаизмдер, неологизмдер. Фразеологизмдер. Лексикография. | | Сөз айкашы | | Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү. Омонимдер, синонимдер, антонимдер, алардын түрлөрү. Табу жана эвфемизмдер. Кыргыз адабий тили жана жергиликтүү диалектилери | Лексика. Кыргыз лексикасынын баюу жолдору. Фразеологизмдер (фразеологиялык айкаштар, фразеологиялык ширелүүлөр, фразеологиялык бирдиктер), макал-лакаптар |

## 4.7. Предметтер аралык байланыштар

Тилсиз бир дагы ой жүгүртүү ишмердүүлүгү ишке ашпагандай эле кыргыз тили да башка бардык предметтерди окуп-үйрөнүүнүн негизи катары алар менен тыгыз карым-катнашта окутулат. *5 - класста* кыргыз тили курсунда окуучулардын кыргыз адабияты, адеп сабагы, тарых, география, биология, орус тили, чет тилдери предметтеринен алган билимдери колдонулат. Адабий чыгармаларда төл сөз менен автордук баяндоону бири-биринен ажырата билүү менен цитата келтирүүдө, диалогдуу тексттерде тыныш белгилерди туура коё билет. Адабият сабагындагы тексттерди көркtүү окуу менен орфографиялык нормаларды туура сактап, сабаттуу жазууга, адабий тилдин нормасында сүйлөөгө үйрөнөт. Окуу китептеринен туунду сөздөргө жана бир сөздүн ар түрдүү формаларына сын атоочтун эпитет катары колдонулушуна мисалдар келтирет. Энчилүү аттарды таап, алардын жазылышына байкоо жүргүзөт.

*6-7 – класстарда* кыргыз тилин окутууда адабият, геометрия, математика, физика география, тарых, ботаника окуу китептеринен чакан тексттер алып, алардагы этиштердин чагын жана жагын аныктайт. Макал-лакаптардан, жомоктордон этиштерди таап, алардын чактарына байкоо жүргүзөт. Көркөм чыгармалардан лексиканын аталган түрлөрүн, фразеологизмдерди табат. Окуу китептериндеги тексттерден терминдерди табуу менен алардын кадыресе сөз менен болгон маанилик карым-катышын жана айырмачылыктарын ажырата билет. Туунду сөздөрдүн жасалуу ыкмаларына, жолдоруна мүнөздөмө берүү менен, сөздөрдүн жазылышындагы орфографиялык нормалар эгер туура эмес болсо түзөтө билет. Сын атоочтун кайсы даражалары мүнөздүү колдонуларын аныктоо менен сан-өлчөмдүк маанилердин туюндурулуш өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Ат атоочтордун кандай сөздөрдү алмаштыруу үчүн колдонулгандыгына, этиштин ыңгайларынын, мамилелеринин колдонулушундагы өзгөчөлүктөргө байкоо жүргүзөт. Татаал тактоочтордун колдонулушун салыштыруу аркылуу жыйынтык чыгарат жана себептерин белгилейт. Сырдык сөздөрдүн предметтик окуу китептеринин стилине мүнөздүү эместигинин, алардын колдонулуш чөйрөсү оозеки сүйлөшүү стили менен көркөм стилге мүнөздүүлүгүнүн себептерин түшүнөт.

*8-9 - класстарда* кыргыз тилин окутууда адабият, тарых, география, химия окуу китептеринен жана көркөм чыгармалардан чакан үзүндү алып, сүйлөмдүн модалдык түрлөрү кептин кайсы стилине мүнөздүү экендигин, колдонулуш өзгөчөлүгүн аныктайт. Кемтик сүйлөмдүн предметтик окуу китептеринин стилдерине мүнөздүү эместигин, анын көркөм стилде зарылдыгын билет. Көркөм адабий чыгармаларда сөздөрдүн түз жана өзгөргөн терс орун тартибинин колдонулушуна байкоо жүргүзөт. Адабий чыгармаларда каратма, сырдык сөздөрдүн мүнөзүн, көркөм баяндоодо алардын берген маанилерин мисалдар келтирүү менен далилдейт. Окуу китептериндеги расмиий-иштиктүү стилде багыныңкы байланыштагы жана аралаш татаал сүйлөмдөрдүн грамматикалык белгилери боюнча айырмачылыктарына, алардын түрлөрүнө жана маанилик катыштарына карата талдайт.

10-11-класстарда кыргыз тилин окутууда адабият, тарых, география, химия, физика, астрономия окуу китептеринен алынган көркөм, илимий стилдеги тексттерди алып, аларды окуу жана түшүнүү ыкмасына жараша сөздөрдү, терминдерди, кесиптик багыттардагы лексикалык каражаттарды талдоо, түшүнүү иштери жүргүзүлөт. Кыргыз тили сабагында лексика, фразеология, сөздүк курам темасын өтүүдө адабият

предметинен Манас таануу курсу менен байланышта иш жүргүзүү, эпостогу архаизм жана фразеологизм сөздөрүн талдап үйрөнүү. Бул иш-аракеттер окуучулардын кеп байлыгын өстүрөт, сүйлөө маданиятын, анын ичинде, ойдун тактыгын, тууралыгын, тазалыгын ж.б. компоненттери боюнча маалыматтуулугун өстүрөт.

## 3-БӨЛҮМ
## БИЛИМ БЕРҮҮНҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ ЖАНА БААЛОО

3.1. Окуучуларды окутууда күтүлүүчү жыйынтыктар (баскычтар жана мазмундук тилкелер (линиялар) боюнча

1. **Биринчи сан –** мазмундук тилкенин (линиянын)номери.
2. **Экинчи сан** –. предметтик компетенттүүлүк.
3. **Үчүнчү сан** – билим берүү натыйжалардын номери

| Предметтик компетенттүүлүктөр / Мазмундук тилке (линиялар) | **ПК 1. Тилдик** | **ПК 2. Кептик** | **ПК 3. Социомаданий** |
|---|---|---|---|
| 1. Тилдеги жана кептеги текст<br>2. Тилдеги жана кептеги сүйлөм<br>3. Тилдеги жана кептеги сөз<br>4. Орфография<br>5. Пунктуация | Мисалы 1.1.1- бул “1”- мазмундук тилке ( линия)“ Тилдеги жана кептеги текст” “1”- тилдик компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжа | Мисалы: 2.2.1- бул: “2”- мазмундук багыт “Кептеги жана тилдеги сүйлөм” “2”- кептик компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжалар | Мисалы: 3.3.1- бул: “3”- мазмундуу багыт “Тилдеги жана кептеги сөз”, “3”- маданияттык компетенттүүлүк “1”- күтүлүүчү натыйжа |

| | Мазмундук багыт | 5 -класс | 6 -класс | 7 -класс | 8 -класс | 9- класс |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Тилдеги жана кептеги текст | 1.1.1. Тексттин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана | 1.1.1. Кептин расмий иштиктүү жана илимий | 1.1.1. Публицистикалык стилдин тексттерин аныктай алышат. | 1.1.1. Кептин стилдеринин официалдык- | 1.1.1. Кептин стилдеринин офицалдык-иштиктүү, көркөм, |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү жөнүндө айтып беришет. “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү кыраатты жана мотиви менен айтууга машыктыруу. | стилдеринин текстин айырмалай алышат. “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү кыраатты жана мотиви менен айтууга машыктыруу. | Прозалык жана ыр түрүндөгү тексттерди окууда көркөм окуунун элементтерин ишке ашыруу. Айрыкча, “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү кыраатты жана мотиви менен айтууга машыктыруу. | иштиктүү, көркөм, илимий жана публицистикалык стилистикалык өзгөчөлүктөрүн түшүндүрүп беришет. “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү кыраатты жана мотиви менен айтууга машыктыруу. | илимий жана публицистикалык жактан тексттерге стилистикалык анализ жасайт. “Манас” эпосунан үзүндүлөрдү кыраатты жана мотиви менен айтууга машыктыруу. |
| | | 1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде тексттин түзүлүшү, кептин типтери жана стилдери ( оозеки, илимий жана көркөм) жөнүндө маалыматтарды оозеки жана жазма кепте колдонушат. | 1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде өздүк тексттерди түзүүдө кептин официалдуу-иштиктүү жана көркөм стилдеринин тилдик өзгөчөлүктөрү колдонулат. | 1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде өздүк тексттерди түзүүдө кептин публицистикалык стилинин тилдик өзгөчөлүктөрү колдонулат. | 1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде кептин официалдуу-иштиктүү, көркөм жана илимий публицистикалык стилдеринин жөнөкөй сүйлөм синтаксиси боюнча маалыматтарды колдонуу менен өздүк тексттерди түзөт. | 1.2.1. Окуу программасына киргизилген жанрлардын негизинде кептин официалдуу-иштиктүү, көркөм жана илимий публицистикалык стилдеринин жөнөкөй жана татаал сүйлөм синтаксиси боюнча маалыматтарды колдонуу менен |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | өздүк текстерди түзөт. |
| | | 1.3.1. Коомчулуктун жашоосундагы тилдин ролун түшүндүрөт. | 1.3.1. Тилдин жана маданияттын байланыштарын түшүндүрөт. | 1.3.1. Кыргыз тилинин келип чыгуусу жөнүндө маалыматка ээ болот. | 1.3.1. Өзүнүн жашоосундагы жана азыркы мезгилдеги кыргыз тилинин ролун түшүнүшөт. демонстрациялайт (көрсөтөт) | 1.3. 1. Өнүгүп келе жаткан кубулуш жана система катары тил жөнүндө маалыматка ээ болушат. |
| | Тилдеги жана кептеги сүйлөм | 2.1.1. Татаал сүйлөмдөгү байланыш каражаттары жана жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү, коммуникативдик функциялар жөнүндө билишет. | 2.1.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнүн түзүлүшүн түшүндүрөт, кептин тике жана кыйыр маанисин айырмалайт. | 2.1.1. Сүйлөмдөгү атоочтукту жана атоочтук түрмөктөрдү, чакчыл жана чакчыл түрмөктөрдү аныктайт. | 2.1.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн бардык түрлөрүнө анализ жүргүзөт, бөтөн кепти жөнөтүү ыкмалары жөнүндө билет. | 2.1.1. Татаал сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү, коммуникативдик функциялары жөнүндө билет. |
| | | 2.2.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилеринин түзүлүшү жана коммуникативдик | 2.2.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түзүлүшү, тыныш белгилери жана анын түрлөрү жөнүндө | 2.2.1. Атоочтуктан жана атоочтук түрмөктөрдөн, чакчыл жана чакчыл түрмөктөрдөн сүйлөм түзөт. | 2.2.1. Тике сөздөн кыйыр сөздү пайда кылат жана жөнөкөй сүйлөмдүн бардык түрлөрүн түзөт. | 2.2.1. Коммуникативдик маселелерге жараша татаал сүйлөмдүн ар кандай түрлөрүн түзөт. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | функциялар жөнүндө маалыматтарды оозеки жана жазма кепте колдонот. | маалыматтарды колдонуу менен жөнөкөй сүйлөм түзөт, тике сөздү кыйыр сөзгө алмаштырат. | | | |
| | | 2.3.1. Күндөлүк мамиле түзүүдөгү этикеттик нормалар менен таанышат | 2.3.1. Мамиле түзүүдө (диалог, монолог) кырдаалга жараша тил каражаттарын колдонот | 2.3.1. “Жакшы” кепти түзүү үчүн атооч жана атоочтук түрмөктөр менен конструкциялардын маанисин демонстрациялайт (көрсөтөт). | 2.3.1. Кептин стилдерине, анын нормаларына карай жөнөкөй сүйлөмдүн элементттерин пайдаланат. | |
| | Тилдеги жана кептеги сөз | 3.1.1. Кептин толук маанилүү бөлүктөрү жана сөз жасоочу негизги ыкмалары, сөздү түзүүчү морфемалык жана фонетика жөнүндө маалыматка ээ болот. | 3.1.1. Сөздүн келип чыгуусу, жайылтылышы жана лексикалык маанисинин бүтүндүгү боюнча мүнөздөмө берет. | 3.1.1. Кептин кызматчы сөз түркүмдөрү (муун, байламта, бөлүкчө, сырдык сөздөр) жана толук маанилүү сөздөр (атоочтуктар,чакчыл түрмөк, тактооч) жөнүндө маалыматка ээ болот. | 3.1.1. Сөзгө тилдин жана кептин маанилүү бирдиги катары мүнөздөмө берет. | 3.1.1 . Сөзгө тилдин жана кептин маанилүү бирдиги катары мүнөздөмө берет. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 3.2.1. Орфоэпиялык, сөз жасоочу жана лексикалык нормаларга карай сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот; зат атооч, сын атооч, этиштерди тексттик функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө жараша колдонот. | 3.2.1. Сөздөрдүн келип чыгуусу, жайылтылуусу жана айтылуу деңгээлине карай оозеки жана жазма кепте колдонот; тексттик функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай ат атооч, сан атоочту колдонот. | 3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай атоочтук,чакчыл, тактооч жана кызматчы сөз түркүмдөрүн колдонот. | 3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай кептин ар кандай бөлүгүндөгү сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот. | 3.2.1. Тексттин функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө карай кептин ар кандай бөлүгүндөгү сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот. |
| | | 3.3.1. Макал-лакаптардын, учкул сөздөрдүн маанисин түшүнөт. | 3.3.1. Кыргыз маданиятынын жана кубулушун көрсөткөн сөздөрдүн маанисин түшүндүрөт. | 3.3.1. Баяндоону түзүүдө кептин кызматтык бөлүгүнүн ролун түшүндүрөт. | 3.3.1. Сөздүн жана улуттук-маданияттык компоненттердин ролун түшүндүрөт . | 3.3.1. Сөздүн жана улуттук-маданияттык компоненттердин ролун түшүндүрөт. |
| | Орфография | 4.1.1. 5-класстын орфографиялык минимунун негизинде жазууда үйрөнүлгөн | 4.1.1. 6-класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн | 4.1.1. 7-класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн | 4.1.1. Жазууда үйрөнүлгөн орфографиялык эрежелерди колдонот. | 4.1.1. Жазууда өтүлгөн орфографиялык эрежелерди колдонот. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | эрежелерди колдонот. | эрежелерди жазууда колдонот. | эрежелерди жазууда колдонот | | |
| | Пунктуация | 5.1.1. 5- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. | 5.1.1. 6- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. | 5.1.1. 7- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. | 5.1.1. 8-класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. | 5.1.1. 9- класстын пунктуациялык минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. |

**10-11-класстарда натыйжаларды баалоо**

| № | Бөлүмдөр | 10-кл. | 11-кл. |
|---|---|---|---|
| **1.** | Тилдеги жана кептеги текст | Мисалы: 1.2.1.- бул: “1”- мазмундук тилке “Тилдеги жана кептеги текст”, “2”- кептик компетенттүүлүк, “1”- күтүлүүчү натыйжа<br>Публицистикалык стилде аткарылуучу практикалык иштер тууралуу түшүнүк алышат. *Интервью, репортажды жаза билишет.*<br>Кептин түрлөрү.Кептин түрлөрү жана кептин стилдеринин карым-катнашы билишет. Ой жүгүртүү менен илимий стилдин карым- катнашын аныкташат.<br>Публицистикалык стилдеги тексттен баяндоо жана ой жүгүртүү кебинин элементтерин таап, алардын публицистикалык стиль менен карым-катнашын аныкташат жана анализ жасай алышат. | Мисалы: 1.3.1.- бул:<br>“1”- мазмундук тилке “Тилдеги жана кептеги текст” “2”- кептик компетенттүүлүк, “1”- күтүлүүчү натыйжа<br>*Адабий тилинин өнүгүүсү жана калыптануусу* жөнүндө маалымат алышат<br>Кыргыз эли колдонгон жазуулар: Орхон-Енисей, араб, латын, орус жазуулары түшүнүк алышат жана алады айырмалай билишет.<br>Фразеологизмдер жана алардын мүнөздүү белгилери жөнүндө түшүнүк алышат. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | Кептин стилдери. Кептин стилдери боюнча билимин системалаштырышат жана жалпылаштырышат. Кептин стилдеринин стилдик белгилери боюнча өз ара карым-катнашын аныктай алышат.<br>Расмий иш кагаздары. *Программа. Устав тууралуу маалымат алышат жана ажырата билишет.*<br>Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге түшүнүк (*реферат, конспект) Цитаталарды өз иштеринде пайдалана билишет.*<br>Кептин стилдери. Кептин стилдери боюнча билимин системалаштыруу жана жалпылаштыруу.Кептин стилдеринин стилдик белгилери боюнча өз ара карым-катнашын билишет жана тексттерге стилистикалык анализ жасайт.<br>Расмий иш кагаздары тууралуу маалымат алышат. *Программа. Уставдын айырмачылыктарын ажырата билишет.* Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге түшүнүк. Алышат *Реферат, конспект. Цитата жөнүндө кеңири маалымат алышат. Практикада колдоноа алышат.* | Фразеологизмдердин өз ара бөлүнүшүн (фразеологиялык айкаштар, фразеологиялык ширелүүлөр, фразеологиялык бирдиктер) ажырат билишет . Фразеологизмдердин макал-лакаптар менен карым-катышы жана айырмасын аныктай алышат. Аларды кебинде колодоно алышат.<br>Кыргыз тилинин лексикасынын байышынын негизги багыттары, жолдору (булактары) тууралуу маалымат алышат.<br>*Стиль, стилистика жана кеп маданияты жөнүндө кеңири түшүнүк алышат.*<br>*Кептин түрлөрү*. Кептин түрлөрү боюнча билимин системалаштырышат жана жалпылаштырышат. Кептин түрлөрү жана кептин стилдеринин карым-катнашы (кептин ой жүгүртүү менен илимий жана публицистикалык стилдин байланышы) аныктай жана ажырата билишет.<br>*Кептин стилдери.* Расмий жана расмий эмес иш кагаздары боюнча билимдерин системалаштыруу жана жалпылаштыруу менен кеңири түшүнүк алышат. Публицистикалык стилде аткарылуучу практикалык иштерджи аткарууга көнүгүшөт.. Портреттик очерк, макалаларды жазууга көнүгүшөт . Илимий стилде аткарылуучу практикалык иштерге кеңири түшүнүк алышат жана аткарышат. Библиография, конспект, реферат жазуу көндөмдөрүнө ээ болушат (Кеңейтип кайталоо). |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | Көркөм адабий стилдеги аткарылуучу иштер тууралуу маалыматтарды колдонуу менен өздүк тексттерди түзөт.Аңгеме, жомок, тамсил, эссе жанрлары жөнүндө түшүнүк алышат жана кбинде колдоно алышат.<br>Кеп маданияты жөнүндө түшүнүктөрүн кеңейтишет. Кеп маданиятынын белгилери жана анын компоненттери жөнүндө кеңири маалыматка ээ болушат. Кептин тазалыгы, кептин тактыгы, тууралыгы, логикалуулугу, кептин орундуулугу, кеп адеби, кептин байлыгы, эмоционалдуулугу, булардын өз ара катышы жана тил каражаттары боюнча маалымат алышат. Практикада колдоно билишет. Чечендик кеп, анын белгилери боюнча билимге ээ болушат . Туура , так сүйлөө көндүмүнө ээ болушат. |
| **2.** | Тилдеги жана кептеги сүйлөм | 2.1.1.Татаал сүйлөмдүн синтаксиси жөнүндө билет. | |
| **3.** | Тилдеги жана кептеги сөз | 3.1.1.Сөздүн келип чыгуусу, жайылтылышы жана лексикалык маанисинин бүтүндүгү боюнча мүнөздөмө берет.<br>Сөздөрдүн көп маанилүүлүгү жана алардын пайда болуу жолдору. Омонимдер, алардын пайда болуу жолдору. Синонимдер, алардын түрлөрү. Антонимдер, алардын түрлөрү. Табу жана эвфемизмдердин мааниси боюнча мүнөздөмө берет.<br><br>*Кыргыз адабий тили жана жергиликтүү диалектилери боюнча жалпы маалымат алышат.* | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | *Этиштин татаал формалары,* алардын мүнөздүү белгилери жөнүн6.ө маалыматка ээ болушат. | |
| **4.** | Орфография | Программаны карап туруп кошуу керек | |
| **5.** | Пунктуация | 10.5.1.1<br>Баш мүчөлөрдүн арасына сызыкчанын коюлушу боюнча билимге ээ болот жана тыныш белгилерин жайгаштырат. Пунктуациялык минимумунун негизинде татаал сүйлөмдүн тутумундагы жөнөкөй сүйлөмдүн арасына коюлуучу тыныш белгилерди сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин жайгаштырат. | |

### 3.2. 5-11-класстын билиминин көрсөткүчү жана күтүлүүчү натыйжалары

| | Мазмундук багыт | Максаттар жана көрсөткүчтөр | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 1-деңгээл | 2-деңгээл | 3-деңгээл |
| | Тилдеги жана кептеги текст | 1.1.1. Тексттин типтери (баяндоо, сүрөттөө, ой жүгүртүү) жана кептин стилдеринин (сүйлөшүү, көркөм, илимий) түзүлүшү тууралуу түшүнөт. | | |
| | | Тексттин белгилерин атайт;<br>Окуу текстинин түзүлүш бөлүгүн атайт.<br>Окуу текстинин темасын атайт.<br>Кептин өтүлгөн стилдеринин себептерин айтат. | Текст же текст эместигин айырмалайт.<br>Башкы жана экинчи даражадагы маалыматты, окуу текстинин түзүлүш бөлүгүн, негизги маанини бөлөт.<br>Мугалимдин жетекчилигинин астында тексттин жөнөкөй планын түзөт.<br>Мугалимдин жетекчилигинин астында окуу текстинин тибин аныктайт.<br>Мугалимдин жетекчилиги менен кептин стилдерин айырмалайт . | Тексттеги башкы жана экинчи даражадагы маалыматты, тексттин структуралык бөлүгүн, негизги маанини бөлүп түшүндүрөт.<br>Өз алдынча түзө турган тексттин жөнөкөй планынын түзөт.<br>Өз алдынча түзө тураган тексттин тибин аныктайт.<br>Кептин сүйлөшүү жана китеп стилдерин өз алдынча айырмалап талдайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | 1.2. 1. Окуу программасына киргизилген түрдүү жанрлардагы тексттердин түзүлүшү, кептин типтери жана стилдери (оозеки, илимий жана көркөм) жөнүндө маалыматтар берилет, оозеки жана жазуу түрүндө машыктырылат. | | |
| | | Сакталып калган жанрдык специфика жана лексикага жараша тексттерде сунушталган китеп стилинин мазмунун (оозеки жана жазма түрүндө) берет. | Мугалим тарабынан берилген темага окшош, иштелип чыккан үлгү менен өзүнүн текстин аналогия боюнча түзөт.<br>Мугалимдин жетекчилигинин астында дил баян үчүн материалдардарды топтоштуруп, жалпылаштырып, аткарган ишин корутундулай алат. | Тексттин темасын, идеясын өз алдынча талдайт жана аныктай. |
| | | 1.3.1. Коомдогу тилдин ролу түшүндүрүлөт. | | |
| | | Тексттердеги улуттук-маданият компоненттерин чагылдырган сөздөрдүн маанисин сөздүктүн жардамы менен түшүндүрөт. | Улуттук маданият компоненттерин маанисин лексикалык кебинде пайдаланат.<br>Элдик маданияттын жана үрп- адаттардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн сүрөттөрдү жана заттарды баяндоо менен белгилейт. | Кыргызстандын жаратылышын чагылдырган чыгармаларга болгон мамилеси, көз карашы жана анын жашоосундагы илимий билимдин пайдасы жөнүндө, ошондой эле өз өлкөсүнүн жана башка өлкөлөрдүн тарыхын айтып берет. |
| | Тилдеги жана кептеги сүйлөм | 2.1.1. Татаал сүйлөмдөгү байланыш каражаттар жана жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилери, алардын түрлөрү жана коммуникативдик функциялары жөнүндө билүү ишке ашат. | | |
| | | Сунушталган үлгү боюнча сөз айкашына, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнө, бир өнчөй мүчөлөрүнө, киринди сөздөргө жана татаал сүйлөмдөгү каражаттардын байланыштарына мүнөздөмө берет. | Сунушталган алгоритм боюнча сөз айкашына, жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүнө, бир өнчөй мүчөлөрүнө, каратма сөздөргө жана киринди сөздөргө мүнөздөмө берет. | Автор тарабынан колдонулган сүйлөмдөрдүн ар кандай түрлөрүн түшүндүрөт. |
| | | 2.2.1. Жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрү, тыныш белгилери жана алардын коммуникативдик кызматтары жөнүндө маалыматтарды алышат, аларды оозеки жана жазма кепте колдонот. | | |
| | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Сунушталган үлгү боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн бир өнчөй мүчөлөрү, кириндижана каратма сөздөр менен сөз айкаштарын түзөт. | Сунушталган алгоритм боюнча жөнөкөй сүйлөмдүн бир өнчөй мүчөлөрү, кириндижана каратма сөздөр менен сөз айкаштарын түзөт. | Коммуникативдик маселелерге жараша жөнөкөй сүйлөмдүн түрлөрүн, татаал сөздөрдү, сөз айкаштарын өз алдынча тандайт. |
| | | 2.3.1. Күнүмдүк мамиле түзүүдөгү этикеттик нормалар менен таанышат. | | |
| | | Белгилүү кептик кырдаалдарда кептикэтикетти пайдалана алат. | Муктаждыкка жараша кептик этикеттерди ар кандай кырдаалдарда өзгөртө алат. | Кептик кырдаалга жараша кептик этикеттерди өз алдынча тандай алат. |
| | Тилдеги жана кептеги сөз | 3.1.1. Кептин толук маанилүү бөлүктөрү (зат атооч, сын атооч жана этиш) жана сөз жасоонун негизги ыкмалары, сөздү түзүүчү маанилик, морфемалык жана фонетикалык табияты тууралуу маалыматтарга ээ болот. | | |
| | | Тамгаларды жана тыбыштарды айырмалайт.<br>Сөз маанилүү бөлүктөрдөн тургандыгын жана мааниге ээ экендигин көрсөтөт.<br>Сөздү пайда кылуучу негизги ыкмаларды атайт.<br>Кептин толук маанилүү бөлүктөрүнүн өтүлгөн категорияларын атайт. | Мугалимдин жетекчилиги алдында сөзгө морфемалык, фонетикалык, лексикалык жана сөз жасоочу анализ жүргүзөт.<br>Мугалимдин жетекчилиги алдында кептин үйрөнүлгөн бөлүктөрүнө морфологиялык жактан анализ жасайт. | Мугалимдин жетекчилиги алдында сөзгө морфемалык, фонетикалык, лексикалык жана сөз жасоочу анализ жүргүзөт.<br>Кептин үйрөнүлгөн бөлүктөрүнө морфологиялык жактан өз алдынча анализ жасайт. |
| | | 3.2.1. Орфоэпиялык, сөз жасоочу жана лексикалык нормаларга карай сөздөрдү оозеки жана жазма кепте колдонот; зат атооч, сын атооч, этиштерди тексттеги функциясына жана грамматикалык мүнөзүнө жараша колдонот. | | |
| | | Эң көп колдонулуучу сөздөрдү, ошондой эле сөздөгү үндүү жана үнсүз тыбыштардын айкалышын туура колдонот.<br>Сөздөрдү лексикалык жана грамматикалык маанисине карай колдонот. | Жаңы сөздөрдү колдонот<br>Сөздөрдү лексикалык жана грамматикалык маанисине карай колдонот.<br>Мугалимдин жетекчилигинин алдында синонимдерди тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыш каражаты катары колдонот. | Кептин абалына жараша антоним, синоним, лексикалык жана грамматикалык маанисине карай сөздөрдү жана сөз формаларын өз алдынча тандайт. |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Кептеги өтүлгөн антонимдерди жана синонимдерди колдонот.<br>Өтүлгөн синтаксистик конструкциянын үлгүсү боюнча негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот. | Сөздөрдү эмоционалдык баалоонун суффиксы менен колдонот.<br>Берилген алгоритм боюнча өтүлгөн синтаксистик конструкцияларда негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот. | Тексттеги сүйлөмдөрдүн байланыш каражаты үчүн синонимдери өз алдынча тандайт.<br>Түрдүү синтаксистик конструкцияда негизги жана экинчи даражадагы сүйлөмдөрдүн ролунда зат атооч, сын атооч жана этишти колдонот. |
| | | 3.3.1. Макал- лакап, учкул сөздөрдүн маанисин түшүнөт | | |
| | | Кебинде макал- лакап, учкул сөздөрдү пайдаланат. | Макал- лакап, учкул сөздөрдү кептик кырдаалдарга жараша өзгөртө алат. | Кептик кырдаалга жараша кыргыз тилинде эң көп колдонулган макал- лакап, учкул сөздөрдү өз алдынча тандайт. |
| | Орфография | 4.1.1. 5- класстын орфографиялык минимумунун негизинде өтүлгөн эрежелерди жазууда колдонот | | |
| | | Таанып-билүүчү себептер боюнча өтүлгөн орфограммаларды аныктайт.<br>Окуу тексттериндеги үйрөнүлгөн орфограммалар менен сөздөрдү туура жазат | Орфографиялык эрежелерди колдонуу үчүн текшерүүчү жана бир тамырлуу сөздөрдү тандайт.<br>Окуу текстеринде жазылган тандалмага негиздеп, өтүлгөн орфограммалар менен сөздөрдү туура жазат | Өз алдынча түзүлгөн тексттерде үйрөнүлгөн орфограммалар менен сөздөрдүн жазылуусуна негиз салат.<br>Орфографиялык каталарды оңдойт жана табат |
| | Пунктуация | 5.1.1. 5- класстын пунктуациялык белгилердин минимумунун негизинде сүйлөмдүн түзүлүшүнө жана маанисине карай тыныш белгилерин туура коё алат. | | |
| | | Тыныш белгилер менен белгиленүүчү сүйлөмдөгү маанилик жагдайларды (эки же андан көп грамматикалык формаларды, бир өңчөй мүчөлөрдү, каратма жана киринди сөздөрдү) табат.<br>Мугалимдин жетекчилиги алдында үйрөнүлгөн эрежеге жараша тыныш белгилерин коёт. | Үйрөнүлгөн конструкцияда тыныш белгилерин тандап жана орду негизделет.<br>Берилген алгоритм боюнча өтүлгөн эрежеге карай тыныш белгилерин коёт. | Өз алдынча түзгөн тексттерде тыныш белгилерин танап жана ордун негиздейт.<br>Пунктуациялык каталарды табат жана оңдойт. |

## 3.3. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары жана ченемдери

Кыргыз тили сабагындагы билимдин натыйжасын баалоо окутуп -үйрөтүүнүн формалары жана методдорунун максаты менен тыгыз байланышта. Баалоонун максаты- күтүлүп жаткан билимдин чыныгы натыйжаларына карата аныктоо. Окуучулардын билимин баалоодо мугалим окутуунун методдоруна жана формаларына жараша түрдүү методдорду колдонот.

**Баалоонун негизги принциптери**

Окуучуларды баалоодо мугалим *калыстык, ишенимдүүлүк, жарамдуулук* сыяктуу негизги принциптерди жетекчиликке алышы зарыл.

*Калыстык*. Калыстык принципи бардык окуучулар бирдей шартта окшош сыноодон өтүшүн талап кылат. Маалыматтарды текшерүү калыстыгы мугалим үчүн дагы, бардык окуучулар үчүн дагы баалоонун бирдей критерийлерининин болушун туюндурат.

*Ишенимдүүлүк*. Ишенимдүүлүк принциби ошол эле белгини кайталап өлчөөдө бирдей натыйжа алууга мүмкүнчүлүк берген педагогикалык баалоонун тактыгын билдирет.

*Жарамдуулук* - бул башка нерсе эмес, чын эле өлчөөгө тийиш болгон нерсе өлчөнүп жаткандыгын көрсөткөн баалоо усулунун аныктыгы.

**Баалоонун түрлөрү**

Окуучулардын билим алуудагы жетишкендиктери менен өсүшүн өлчөө үчүн баалоонун үч түрү колдонулат: *диагноздоочу, калыптандыруучу жана жыйынтыктоочу.*

**Диагностикалык баалоо**

Прогресске баа берүү үчүн мугалим окуу жылы ичинде жетишилген натыйжалар менен окуучунун билгиликтеринин баштапкы калыптануу деңгээлине салыштыруу жүргүзөт. Диагноздоочу баалоонун натыйжалары сыпаттоо түрүндө катталып, жалпыланат жана мугалимдин окутуу милдеттерин аныкташына, окуучуга берилүүчү тапшырмаларды берүү жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизишине жана анын өркүндүтүшүнө негиз болот.

**Калыптандыруучу баалоо**

Калыптандыруучу баалоонун максаты - окуучунун жетишкендиги менен материалды жекече өздөштүрүү өзгөчөлүктөрүн аныктоо, ошондой эле окуучунун ийгиликке жетиши үчүн сунуштарды иштеп чыгуу. Мугалим калыптандыруучу баалоону окутуунун жүрүшүнө жараша өз убагында түзөтүү, пландоого өзгөртүү киргизүү үчүн пайдаланат. Окуучунун жөндөм деңгээли эмес, ал аткарган конкреттүү иш бааланат.Окутуунун аралык натыйжаларын баалоодо окуучулардын өзгөчөлүктөрү (ишти аткаруу тездиги, теманы өздөштүрүү жөндөмү ж.б.) эске алынып, окуучулардын жетишкендиктери менен өсүштөрүнө көңүл бурулат. Окуучунун өсүшү билим берүү тармагы менен предметтердин алкагында окутуу максаты болуп саналган белгилүү натыйжаларга жетүү катары аныкталат. Журналга баа зарылдыгына карай коюлат (катталат), мугалим окуучунун жекече өсүшүнө жүргүзгөн байкоолорун белгилейт.

**Жыйынтыктоочу баалоо**

Жыйынтыктоочу баалоо окутуунун ар бир баскычында пландалуучу натыйжаларга окуучулардын жетишүү даражасын аныктоо үчүн кызмат кылып, *утурумдук, аралык жана жыйынтыктоочу*баалодон түзүлөт.

Жекече аткарылган тапшырмаларды *утурумдук баалоо*баа берүү ченемдери (туура чечимдердин саны, кетирилген катарлардын саны, тариздөө эрежелеринин сакталышыж.б.) менен мугалим жана/же окуучулардын өздөрү берген өзүнчө ишти аткаруу критерийлерине жараша жүргүзүлөт. Мугалим окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү өзгөчөлүктөрүнө жараша утурумдук баалоо жүргүзөт.

*Аралык баалоо ушул* предметтик стандартта аныкталган иштердин түрүнүн негизинде жүргүзүлөт.

Текст жүзүндөгү иштер/булактар менен иштөө;

Оозеки жооп /жүзачар;

Долбоор, изилдөө иши, иштердин бөтөнчө түрлөрү;

Портфолио (жетишкендиктер папкасы) ж.б.

Иштердин бардык түрлөрү баалоо критерийлеринин негизинде бааланып, милдеттүү болуп саналат жана мугалим тарабынан баалоо планын иштеп чыгууда алдын ала пландалат.

*Жыйынтыктоочу баалоо*мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы ылайык) жүргүзүлүп, аракеттеги ченемдер менен баалоонун иштелип чыккан критерийлерге жараша кат жүзүндө аткарылат.

Милдеттүү иштердин түрлөрүнүн саны жана жыйынтыктоочу баалоодогу салыштырма катыш окутуу баскычтары менен предметтердин өзгөчөлүгүн эске алуу менен аныкталат.

Иштердин формасынын ар түрдүүлүгүн мугалим окуучулардын жекече өзгөчөлүктөрүн эске алып аныктайт.

**3.4. Баалоонун типтери**

Билим берүү тутумунда милдеттери менен айырмалануучу педагогикалык баалоонун эки түрү колдонулат: ***ченемдик* жана *критерийлик.***

Айрым окуучулардын билимдерин ченемдик баалоо окуп жаткандардын өзүнчө тобунун даярдык деңгээлине карата жүргүзүлөт. Анын максаты – айрым окуучулар менен калган окуучулардын ортосунда билимдерин иш жүзүндө салыштыруу.

Айрым окуучулардын билимдерин критерийлик баалоо белгиленген стандарттарга ылайык жүргүзүлөт. Анын максаты белгиленген стандарттарга ылайык айрым окуучулардын жетишкен натыйжаларын сыпаттоо.

Баалоонун бул эки түрү бири-бирин жокко чыгарбайт, педагогикалык практикада ченемдик дагы, критерийлик дагы баалоо зарыл.

Мугалим баалоонун кайсы түрүн колдонуу керектигин аныктоо үчүн баалоонун максатын эске алышы абзел.

Эгер ар бир окуучунун окуу материалынын маанилүү бөлүгүн өздөштүргөн-өздөштүрбөгөндүгүн аныктоо зарыл болсо, бул учурда баалоонун критерийлик түрүн колдонуу шарт. Предмет боюнча мектеп олимпиадасына катыштыруу үчүн класстан бир нече окуучуну тандап алуу зарыл болгондо сөзсүз баалоонун ченемдик түрү керек.

**Баалоонун түрлөрү, формалары жана типтери:**




**Кыргыз тили сабагында баалоо критерийлери жана нормалары**

**Оозеки сурамжылоо**

Кыргыз тилинде оозеки сурамжылоо окуучулардын билимин эсепке алуунун негизги жолу болуп саналат. Окуучунун толук жообу берилген темага байланыштуу, логикалык ырааттуу билдирүү, анын аныктамаларды, конкреттүү учурларда эрежелерди колдоно алуу жөндөмүн корсөтөт.

Окуучулардын жообун сунушталган баалоо критерийлери:

1) жооптун суроого дал келиши;

2) жооптун далилдүүлүгү;

3) жооптун стилдик сабаттуулугу.

Сунушталган нормативдер:

Оозеки жооптун баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманы түшүнгөнүн көрсөтөт:<br>1) тилдик түшүнүктөргө туура аныктамаларды берет;<br>2) өзүнүн ой-пикирин негиздей алат, билимин практикада колдоно алат, керектүү мисалдарды китептен эле келтирбестен, өз алдынча да түзө алат;<br>3) адабий тилдин нормаларында материалды ireттүү жана туура баяндайт. |
| “4” деген баа | Жооп “5” деген баадагы талаптарга дал келет, бирок өзү ондогон 1, 2 катага, ырааттуулукта жана тил коздугундагы баяндоодо 1-2 кемчиликке жол берет. |
| “3” деген баа | Окуучу билимин жана ошол теманын негизги жоболорун түшүнгөнүн көрсөтөт, бирок:<br>материалды толук эмес баяндайт жана түшүнүктөрдү же эрежелерди так эмес аныктоого жол берет;<br>2) өз оюн жетишерлик терең жана ишенердик далилдей албайт жана өз мисалдарын келтире албайт; |

| | |
|---|---|
| | 3)материалды ирети менен баяндабайт жана тил кооздугунда баяндоодо катага жол берет. |
| “2” деген баа | Окуучу ылайыктуу бөлүмдүн материалын көпчүлүк бөлүгүн билбегендигин көрсөтөт, эреже жана түшүнүктөрдү так жана кыска түшүндүрүүдө катага жол берет, материалды иретсиз баяндайт. “2” деген баа окуучуну даярдоодо кийинки материалды ийгиликтүү өздөштүрүүсүнө олуттуу тоскоол боло турган кемчиликтерин белгилейт. |
| “1” деген баа | Окуучу материалды толук билбегендигин жана түшүнбөгөндүгүн көрсөтөт. |

Эскертүү. (“5”, “4”, “3”) деген баа бир эле жолу берилген жоопко гана эмес (окуучунун даярдануусун текшерүүгө белгилүү бир убакыт берилгенде), убакытка бөлүнүп берилген, башкача айтканда, окуучу тарабынан берилген жооптордун жыйынтыгы, сабак аралыгында (ар бир сабакка балл чыгарылат), сабак учурунда окуучунун жооптору угулган гана эмес, анын билимин практикада колдонуу жөндөмдүүлүгүн текшерүү жүргүзүлгөн шартта.

Жат жазуу

Жат жазуу – бул орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулукту текшерүүнүн негизги формасы. Жат жазууга байланыштуу тексттерди колдонуу жөндүү, заманбап, адабий тилдин нормаларына жооп берген, ошол класстын окуучуларына мазмуну боюнча ылайыктуу болуш керек.

**Жат жазуу текстерине талаптар**

Тексттин көлөмү:

5-класс үчүн – 90-100 сөз,

6- класс үчүн – 100-110 сөз,

7- класс үчүн- 110-120,

8- класс үчүн-120-150,

9-класс үчүн- 150-170 сөз.

10-класс үчүн- 170-190 сөз.

11-класс үчүн- 190-210 сөз.

Сөздөрдү эсептөөдө өз алдынча жана көмөкчү сөздөр да эсепке алынат.

Сөздүн көлөмү сүйлөм ичинде төмөндөгүдөй өлчөмдө болууга тийиш:

5- класста– 5 сөздөн ашык эмес,

6-7-класстарда – 7 сөздөн ашык эмес,

8-9- класстарда – 10дон ашпаган өлчөмдө.

Биринчи чейректин аягына чейин (ал эми 5-класста – биринчи жарым жылдыктын аягына чейин) тексттин көлөмү сакталат.

Текшерүүчү сөздүк жат жазууда орфограммалар менен сөздөрдү өздөштүрүүсүн текшерет. Ал төмөнкү сөздүк көлөмдөн турушу мүмкүн: 5-класс үчүн – 15-20, 6-класс үчүн -20-25, 7-класс үчүн 25-30, 8- класс үчүн- 30-35, 9-класс үчүн 34-40, 10-класс үчүн 40-45, 11-класс үчүн 45-50.

Белгилүү бир темадагы жат жазууда өтүлгөн темалардын орфограмма же пунктограммаларынын негизги учурлары кошулушу керек жана да мурдагы жетишкендиктеринин бекемдигин текшерүүнү камсыз кылат.

Текшерүүчү жат жазууда өтүлгөн темада колдонулуп жаткан орфограмма жана пунктограммалар 2-3төн кем эмес жолуккан тексттерди тандоо керек. Мурда үйрөнгөн орфограмма жана пунктограммалардан негизгиси эле кошулат, аларда 1-3 учурда колдонгондорун сунуштоого болот.

Жалпы алганда текшерилген орфограмма жана пунктограммалардын көлөмү: 5- класста-12 ар түрдүү орфограмма жана 2-3 пунктограмма, 6-класста 16 ар түрдүү орфограмма жана 3-4 пунктограмма;

7-класста: 20 ар түрдүү орфограмма жана 4-5 пунктограмма;

8-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 10 пунктограмма;

9-класста: 24 ар түрдүү орфограмма жана 15 пунктограммадан ашпашы керек.

Текшерүү жат жазуусунун текстине жетишерлик өлчөмдө бекемделип, кайта дагы үйрөтүлгөн гана орфограммалар кошулушу зарыл.

***Сунушталган нормативдер:***

***Жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы***

| Баа | Көрсөткүчтөр |
|---|---|
| “5” деген баа | Катасыз иш же 1 одоно эмес орфографиялык, 1 одоно эмес пунктуациялык же 1 одоно эмес грамматикалык катасы бар болсо. |
| “4” деген баа | 2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык, же<br>1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же<br>4 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>“4” деген баа 3 орфографиялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтегилер болсо. Аны менен бирге 2 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “3” деген баа | 4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же<br>3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же<br>7 пунктуациялык ал эми орфографиялык каталардын жок болгонунда.<br>5-класста “3” деген бааны 5 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталарда коюуга уруксат берилет. “3” деген баа 6 орфографиялык жана 6 пунктуациялык катада коюлушу мүмкүн, эгер алардын арасында бир типтүү жана одоно эмес каталар бар болсо. Анын менен бирге 4 грамматикалык катага да жол берилет. |
| “2” деген баа | 7 орфографиялык жана 7 пунктуациялык каталар, же<br>6 орфографиялык жана 9 пунктуациялык каталар, же<br>8 орфографиялык жана 6 пунктуациялык каталар. |
| “1” деген баа | “2” деген баага караганда каталардын санынын көптүгү. |

Эскертүү.

Жат жазууну баалоодо оңдолот, бирок катасы эсептелинбейт:

1) сөз ташууда;

2) мектеп программасына кирбеген эрежелер;

3) али үйрөнбөгөн эрежелер;

4) жазуудагы жаңылыштык - туура эмес жазуулар.

Жат жазууларды баалоодо катанын сапатын эсептөө маанилүү. Каталар арасында одоно эмес, мындайча айтканда, сабаттуулукту мүнөздөй турган олуттуу мааниге ээ болбогондорун белгилей кетиш керек. Каталарды эсептөөдө эки одоно эмес ката бир катага эсептелинет. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөр кирет:

1) эрежеден тышкары;

2) баш тамганын, энчилүү аттардын жазылышы;

3) бир тыныш белгинин ордуна экинчиси коюлган учурда;

4) айкалышып турган белгилердин бирин калтырып кетүү же ырааттуулугун бузуу.

Катанын бир типтүү жана кайталана берүүчүлүгүн эске алуу керек. Эгерде ката бир эле сөздө же бир сөздүн уңгусунда кайталана берсе, анда ал бир катага эсептелинет. Бир типтүү деп бир эреже бузулган катаны эсептейбиз, эгер туура жазылуунун тандоо шарты ошол сөздүн грамматикалык жана фонетикалык өзгөчөлүктөрүнөн турса.

1) Бир сөздүн туура жазылышын табыш үчүн башка (бир уңгу) сөздөрдү же анын формасын тандоо керек болгондо бир типтүү ката болуп эсептелинбейт.

2) Биринчи үч бир типтүү каталар бир ката болуп эсептелет, кийинки ар бир ошол сыяктуу ката өз алдынча ката болуп эсептелинет.

3) Эгерде бир сөздө текшерүүгө мүмкүн болбогон орфограммалар менен кошо 2 жана андан ашык катага жол берилсе, анда бардыгы бир ката болуп эсептелинет.

***Сунушталган нормативдер:***

***Контролдук сөздүк жат жазууну баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы***

| | |
|---|---|
| “5” деген баа | Ката жок |
| “4” деген баа | 1-2 ката |
| “3” деген баа | 3-4 ката |
| “2” деген баа | 7 катага чейин |
| “1” деген баа | 7 катадан ашык |

***Текшерүү иши (*** грамматикалык тапшырмасы бар жат жазуу)

Жат жазуу жана кошумча (фонетикалык, лексикалык, орфографиялык, грамматикалык) тапшырмадан турган текшерүү ишинде, ар бир иштин түрүнө эки баа коюлат. Жат жазууну баалоодо жогоруда айтылган нормативдерди колдонуу керек. Грамматикалык тапшырмаларды аткарууда жол берилген орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар, жат жазууга баа коюп атканда эсептелинет.

Сунушталган нормативдер:

Грамматикалык тапшырманы баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы

| | |
|---|---|
| “5” деген баа | Тапшырма туура аткарылган |
| “4” деген баа | Тапшырманын ¾ кем эмес бөлүгү туура аткарылган |
| “3” деген баа | Тапшырманын жарымынан кем эмеси туура аткарылган |
| “2” деген баа | Тапшырманын жарымдан кем туура аткарылган |
| “1” деген баа | Бардык тапшшырмалар ката аткарылган |

***Дил баяндар жана баяндамалар***

Дил баяндар жана баяндамалар - окуучулардын кептик компетенттүүлүк түзүлүш деңгээлин текшерүүнүн негизги формалары болуп эсептелинет. Дил баян жана баяндоолордун жардамы менен теманы ачып берүү жөндөмдүүлүгү; тил

каражаттарынын стиль, тема жана өз оюн айтуу милдеттери менен дал келиши текшерилет; тил нормаларынын жана туура жазуу эрежелеринин сакталышы.

Баяндама тексттеринин талаптары

Толук баяндоонун текстинин болжолдуу көлөмү:

5- класста -100-150 сөз

6-класста – 150-200,

7-класста – 200-250,

8-класста- 250-350,

9-класста- 350-450 сөз.

Жыйынтыктоо контролдук баяндаманын текстинин көлөмү 8-9-класстарда мындай сабактарда даярдоо иштери жүргүзүлбөгөнүнө байланыштуу 50 сөзгө көбөйүшү мүмкүн.

***Дил баян жана баяндамаларды баалоо критерийлери:***

А) мазмуну:

-темага мазмундун, негизги ойдун дал келиши;

-теманы оригиналдуу ачып берүүсү;

- далилдерге негизделген материалдардын аныктыгы;

- даяндоонун ырааттуулугу.

Б) кептин көркөмдүгү:

- сөздүктүн жана грамматикалык формалардын түзүлүшүнүн ар түрдүүлүгү;

- стилдик бирдиктүүлүк жана кептин ачык – айкындуулугу;

- тилдик каталардын жана стилистикалык кемчиликтердин аз же көптүгү.

Бардык эле дил баяндар жана баяндамалар эки баа менен бааланат: биринчиси мазмуну жана кептин көркөмдүгү үчүн коюлат (тилдик нормалардын жана стилистикалык нормаларды жазуу эрежелеринин сакталышы), экинчиси – орфографиялык, пунктуациялык нормалардын жана грамматикалык каталардын болушу. Орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук окуучу тарабынан кетирилген катанын санына карата бааланат. ( текшерүү жат жазууларын баалоо нормативдерин карагыла).

***Сунушталган нормативдер:***

***Дил баяндар жана баяндамаларды баалоо көрсөткүчүнүн таблицасы:***

| | Көрсөткүчтөрү | |
|---|---|---|
| | Кептин көрктүүлүгү жана мазмуну | Грамматика |
| “5” деген баа | 1. Иштин мазмуну толугу менен темага дал келет.<br>2. Одоно каталардын жоктугу.<br>3. Мазмуну ирети менен баяндалат.<br>4. Иште сөздүктүн байлыгы, ар түрдүү синтаксистик түзүлүштөрдүн колдонулугандыгы, сөздөрдү колдонуунун тактыгы менен айырмаланат.<br>5. Жалпы алганда, иште 1 жана 1-2 кептик кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>1 орфографиялык,<br>же 1 пунктуациялык,<br>же 1 грамматикалык катага. |
| “4” деген баа | 1. Иштин мазмуну, негизинен, темага дал келет<br>( каталар аз болсо). | Уруксат берилет:<br>2 орфографиялык жана 2 пунктуациялык каталар, же 1 орфографиялык жана 3 пунктуациялык каталар, же |

| | | |
|---|---|---|
| | 2. Негизинен, мазмуну анык, бирок фактыга негизделген айрым учурай турган так эместиктер бар.<br>3. Ойду иреттүү баяндоодо бир аз бузулуулар бар.<br>4. Кептин лексикалык жана грамматикалык түзүлүшү жетиштүү, ар түрдүү.<br>5. Иштин стилинин бирдиктүүлүгү жана кептин ачык-айкындыгы менен айырмаланат.<br>6. Жалпысынан, иштин мазмунунда 2 ден жана 3-4 төн ашык эмес кемчиликтерге жол берилсе. | 4 пунктуациялык каталар, орфографиялык каталар жок болсо, жана 2 грамматикалык каталар болсо. |
| “3” деген баа | 1. Иште темадан олуттуу четтөөлөргө жол берилсе.<br>2. Иш, негизинен, темага жакын, бирок айрым тактык эместиктер бар болсо.<br>3. Иреттүү баяндоодо айрым бузулууларга жол берилсе.<br>4. Сөздүктүн жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү, колдонулган синтаксистик түзүлүшү, туура эмес сөздөрдүн колдонулушу кездешсе.<br>5. Иштин стили бирдиктүү эмес, тема жетиштүү деңгээлде ачык-айкын эмес.<br>6. Жалпысынан, иштин мазмунунда 4 төн ашык, же 5 кемчиликтерге жол берилсе. | Уруксат берилет:<br>4 орфографиялык жана 4 пунктуациялык каталар, же 3 орфографиялык жана 5 пунктуациялык каталар, же 7 пунктуациялык каталар орфографиялык каталар жок болсо, жана 4 грамматикалык каталарга. |
| “2”деген баа | 1. Иш темага дал келбейт.<br>2. Көп так эместиктерге жол берилсе.<br>3. Иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун баяндоо ирети бузулса, өз ара логикалуулук, иреттүүлүүк, байланыш жок болсо.<br>5. Тексттин стилдик бирдиктүүлүгү бузулса.<br>6. “ 3” деген баага караганда мазмунунда жана кепте кемчиликтер көп болсо. | Уруксат берилет:<br>“3” деген баага караганда орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар көп болсо. |

Эскертүү. Көрсөтүлгөн баалоо нормалары орто көлөмдөгү 4-5 барак көлөмүндөгү дил баяндарга ылайыктуу. Дил баяндарды баалоодо өз алдынчалыгы, ойдун нукуралуулугу, анын көркөмдүк жана стилдик курулушунун деңгээли эсептелинет. Нукуралуу ойдун болушу, анын иш жүзүнө жеткиликтүү ашырылуусу бааны 1 баллга көтөрүүгө мүмкүнчүлүк берет. 3 дөн ашык түзөтүү бар болсо, “эң жакшы” деген баа коюлбайт. Текстте 5 катадан ашык түзөтүүлөр болсо (туура эмес жазылган сөздү оңдоо) , баа 1 баллга төмөндөйт.

***Кыргыз тилиндеги иштин инновациялык түрлөрү жана аларды баалоо***

**Окуу портфолиосу**

Окуу портфолиосу – бул окуучулардын жеке жетишкендиктерин белгилүү бир окуу шартында белгилөө жана топтоштуруу жана да өзүн- өзү анализдөө жана өзүн-өзү баалоо формасы. Портфолио ар түрдүү маалыматтан турган, бара-бара ээ болгон тажрыйбаны жана окуучулардын жетишкендикеринин деңгээлин көрсөткөн жумушчу файлдык папкалардын топтомунан турат. Портфолионун түпкү максаты – окуу прогрессинин жана жумшалган аракеттердин жүрүшүндө күтүлүүчү натыйжаларга жетишүү далили.

Түзүү максатына карай портфолио ар түрдүү типтерге бөлүнөт.

Портфолионун биринчи түрү -  бул “жетишкендик папкасы”,  анын максаты – окуучунун өз жетишкендиктеринин деңгээлин жогорулатуу жана анын ийгиликтерин чагылдыруу (окуудагы мактоо баракчалары,  спортто, музыка, шахмат ж.б. жетишкендиктери; ата -энелерине алкыш баракчалары, жетишүүчүлүк табели, значок, медалдары ж.б).

Экинчи түрү - “рефлексивдүү портфолио”, окуучунун өсүүсүнүн динамикасын көрсөткөн жана анын ишмердүүлүгүн жыйынтыктоону көзөмөлдөөгө сандык гана эмес, сапаттык да планда чагылдырган материалдар топтому. Мисалы, мындай портфолиого окуучу жазган дил баянынын “черновигин”, анын редактордук оңдотуусу менен вариантын жана да дил баянды жыйынтыктоодогу соңку вариантты, же текшерүү иштериндеги каталар үстүндө иштөө жана да кошумча жумуштар (аткарылган көнүгүү, тест ж.б.), окуучунун жетишкендиктерин далилдеп турган документтер.

Портфолионун үчүнчү түрү – проблемалуу-изилдөөчүлүк, мында: реферат, илимий-окуу мүнөзүндөгү иштер, семинар, конференцияда жасаган баяндамалар, өз алдынча чыгармачылык менен аткарылган жумуштар. Портфолионун ушул түрүндөгү бардык материалдардар толук түрдө топтоштурулган болушу абзел. Мисалы:

-рефераттын аталышы, варианттары (доклад, макалалар);
- изилдөөнүн максаттары, жоболору жана пландары;
-микротемалар, проблемалуу ойлор;
-талаш -тартышты жараткан көз караштар;
- цитаталар, афоризмдер;
-изилдөөнүн натыйжалары жана жыйынтыктары;
-адабияттардын тизмеси.

**Портфолионун төртүнчү түрү – тематикалык матераилдар, т.а.,** кандайдыр бир теманы, бөлүмдү, окуу курсун үйрөнүү процессинде пайда болгон иштер. Бул портфолио белгилүү бир темадан теориялык (конспект, макалалардын тезиси ж.б) гана эмес, практикалык (ар түрдүү деңгээлдеги аткарылган көнүгүүлөр) маалыматты да камтыганга жардам берет.

Портфолиону баалоонун сунушталган критерийлери:

А) мазмуну боюнча:
-берилген материалдардын портфолионун түрүнө дал келиши;
-маалыматтык толуктугу;
- маалыматтын ички логикалык байланышуусу;
- берилген материалдарды тандоодогу негиздүүсү;

Б) көркөмдүгү:
-документтерди коздоо эрежелерине дал келиши;
-портфолио күтүүнүн системалуулугу жана үзгүлтүксүздүгү;
-портфолиодо берилген маалыматтын ачык-айкындыгы;
-тыкандык жана кооз жасалгаланышы;

***Сунушталган нормативдер:***

***Баалоо көрсөткүчтөрүнүн таблицасы***

| | Көрсөткүчтөр | |
|---|---|---|
| Балл | Мазмуну | Жасалгалоосу |
| “5” деген баа | Бардык берилген материалдар портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессинин жана жумшалган күч-аракеттердин күтүлгөн | Титул барагынын, мазмунунун, эпиграфтын бар болуусу.<br>Берилген материалдардын бирдиктүүлүк жана эстетикалык аяктоосу.<br>Кол жазмаларынын тактыгы. |

| | | |
|---|---|---|
| | натыйжаларына толугу менен жооп берет. Материалдар рубрикаларга жараша топтоштурулган жана белгилүү бир иреттүүлүктө жайгашкан. Портфолиодо берилген материалдарды тандоодо компетентүүлүктүн талаптарынын деңгелдеринин 40/40/20 ара катышына туура келет. Портфолиодо окуучунун өз билимин өркүндөтүүсүн чагылдырган кошумча маалыматтар да топтолгон. | Бардык материалдар керектүү библиографиялык маалыматтарды камтыйт. |
| “4” деген баа | 80% ашуун материалдар портфолионун түрүнө дал келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессин жана жумшалган күч аракеттердин күтүлгөн натыйжаларына туура келет. Материалдар рубрикаларга ылайык топтоштурулган жана белгилүү бир иреттүүлүктө жайгашкан. Портфолиодо берилген материалдарды тандоодо ачык-айкындык жана 40/40/20 катыштык пайыз чагылдырылган. | Титул барагынын, мазмунунун, эпиграфтын бар болуусу.<br>Берилген материалдардын бирдиктүүлүк жана эстетикалык аяктоосу.<br>Кол жазмаларынын тактыгы.<br>Көпчүлүк материалдар керектүү библиографиялык маалыматтарды камтыйт. |
| “3” деген баа | Берилген материалдардын жарымынан көбү портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуу прогрессин жана жумшалган күч- аракеттердин күтүлүүчү натыйжаларына дал келет. Материалдарды систематизациялоо аракети жумшалган. Портфолиодо берилген материалдарды тандоо жарым-жартылай ачык-айкын жана түзүлүш деңгээлинин 60/30/10 өз ара катыштык компетенттүүлүгүн чагылдырып турат. | Титул барагынын, мазмунунун, бар болуусу.<br>Берилген материалдарды жасалгалоодо аракет жасалган.<br>Материалдардын жарымынан көбү керектүү библиографиялык маалыматтарды камтыйт. |

| | | |
|---|---|---|
| “2” деген баа | Берилген материалдардын жарымынан азы портфолионун түрүнө туура келет. Материалдардын саны жана сапаты окуучунун сабактагы ишине баа берүүгө жардам берет. Материалдарды систематизациялоо аракети жумшалган. Портфолиодо берилген материалдардын түзүлүш деңгээли 75/20/5 өз ара катыштык компетенттүүлүгүн чагылдырат. | Титул барагынын бар болуусу. Берилген материалдарды жасалгалоодо аракет жасалган. Айрым материалдар керектүү библиографиялык маалыматтарды камтыйт. |

Эскертүү. Сунушталган критерийлер жана нормалар жетишерлик жогорку деңгээлдеги жалпылоого ээ жана мугалим үчүн багыт катары колдонулушу мүмкүн. Портфолионун белгилүү бир тибин баалоодо окуучуларга түшүнүктүү болгон критерийлерди, нормаларды жана толуктоолорду окуучулар менен да макулдашылууга болот. Мисалы, татаалдыктардын ар түрдүү деңгээлдерин эске алып, калыстыкты кармануу менен баалоо барагын колдонуу сунушталат ( портфолионун баалоо барагын кара).

Таблица

*Портфолионун баалоо баракчасы*

| Баалоонун критерийлери | Портфолионун жакшы жактары | Портфолионун кемчиликтери |
|---|---|---|
| | | |

Бул таблица өз алдынча гана эмес, топто да толтурулса болот.

***Окуу долбоору***

Окуу проектиси – бул алдын ала пландаштырылган натыйжанын абдан ылайыктуу ыкма менен жетишкендиктери жана белгилүү бир проблеманы чечүүгө багытталган окуучунун/ окуучулардын ишмердүүлүгү. Долбоор, доклад, реферат, изилдөөлөрдүн жана окуучулардын өз алдынча чыгармачыл иштеринин башка түрлөрүнүн элементтерин, бирок проекттин натыйжасына жетүү ыкмасы катары кошо алат.

***Окуу проектисинин сунушталган баалоо көрсөткүчтөрү жана критерийлери***

| Баалоо | | |
|---|---|---|
| Долбоордун даярдалышы | Долбоордун натыйжасы (отчет) | Долбоордун презентациясы |
| Өз алдынча ишмердүүлүк: Максатка карай божомолдоо (проблема так сүрөттөлгөн, максат коюлган, милдеттер коюлган), | Жазуу түрүндөгү отчеттун мазмуну: Максатка карай божомолдоонун ачыктыгы, оңойлугу, конкреттүүлүгү | Эл алдына чыгып сүйлөөчү кептин мазмуну: Тема тандоодогу негиздүүлүк Берилген чечимдердин далилдөөчүлүгү жана иштиктүүлүгү |

| | | |
|---|---|---|
| Иш- чаралардын милдеттерге жетүү планынын дал келиши;<br>Иш-аракеттердин аткарылуу иреттиги жана мониторинги;<br>Ар түрдүү булактар менен иштөө (биринчи, экинчи ирет болгон);<br>Проект боюнча иш- чаранын бүтүшү;<br>Өз алдынчалык деңгээли | Теманын практикалык баалуулугу жана актуалдуулугу<br>Берилген чечимдердин иштиктүүлүүгү<br>Теоретикалык негиздүүлүк жана далилдөөчүлүгү<br>Маалыматтын ачык-айкындыгы (булактарга анын ичинде интернет -булактарына таянуу)<br>Айтылган теманын толугу менен ачылышы | Теоретикалык негиздүүлүк<br>Кептин так, ачык, оңойлугу<br>Көрсөтмөлүүлүктүн, видеокаттардын орундуулугу |
| Топто иштөөнүн иш чарасы:<br>Кызматташтык жана өз ара жардам көрсөтүү<br>Планды аткарууда жоопкечиликтерди бөлүштүрүү жана коюлган милдеттерге натыйжанын дал келиши<br>Долбоордун бардык баскычтарында катышуу | Отчетту жасалгалоонун сапаты:<br>Материалдын түзүлүшүнүн проекттик форматка дал келиши;<br>Графиканын, видеокатардын мазмунуна дал келиши;<br>жасалгалоонун эстетикалык жактн коздолуш | Кептик чебердиги:<br>Кептин публицистикалык кепке дал келиши,<br>өзүн алып жүрүү манерасы,<br>көрсөтмөлүүлүктүк олдонуусу,<br>убакытты сезүүсү,<br>импровизациялоо,<br>эреженин сакталышы (регламент) |
| | Сырткы баа:<br>Жасалган иштин анализи (көз карандысыз рецензиянын бар болушу) | Тема/ проблеманын билүү деңгээли (суроолорго жооптор):<br>Жооптун конкреттүүлүгү, толуктугу жана далилдүүлүгү,<br>Ынактык,<br>Теманы ийгиликтүү ачып берүү үчүн суроолорду колдонуу жана иштин күчтүү тарабын демонстрациялоо |

Эскертүү. Сунушталган критерийлер жана нормалар жетишерлик бийик деңгээлдеги жалпылоосу бар жана мугалим үчүн багыт катары колдонулушу мүмкүн. Белгилүү бир долбоорду баалоодо окуучуларга түшүнүктүү болгон критерийлер, көрсөткүчтөр жана толуктоолорду окуучулар менен макулдашуу керек жана баалоо баракчасын иштеп чыгуу керек, ошонун негизинде жыйынтык баалар коюлат.

Мисалы:

Долбоордун баалоо баракчасы ( үч балдуу шкала)

<table>
<tr><td>Долбоорго катышуучунун аты жөнү ___________»</td><td colspan="4">Долбоорду даярдоо</td><td colspan="3">Долбоордун натыйжасы( отчет)</td><td colspan="4">Долбоордун презентациясы</td><td colspan="2">Жыйынты ктоо баллы</td><td>Комментарийлер</td></tr>
<tr><td></td><td colspan="13">Критерийлер*</td><td></td></tr>
<tr><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td><td></td></tr>
</table>

**бул баалоо баракчасындагы критерийлердин саны белгилүү бир долбоор үчүн белгиленген критерийлердин санына дал келиши керек.*

Жазуу ишинин текшерүү эрежелери

Жазуу ишин текшерүү үчүн мугалим кандай каталар болот жана алардын шарттуу белгилерин билүү абзел.

1. мазмундагы каталар

[ ] - ашыкча бөлүгү ( ашыкча сөз, сүйлөм)

V - калтыруу (ой, сөз, сүйлөм)

Z (сызылган ) - абзац белгиленбеген

Ф - фактынын негизиндеги ката же так эместик

Л - логикалык ката

Р- кептик ката

С- стилистикалык ката

*Фактыга негизделген каталарга* материалды баяндоодогу маалыматтык (маанилеринин кошумча өзгөчөлүктөрү) тактыктын бардык бузулуштары кирет: фактыларды, аттарды бурмалоо, колдонулган булактардан, турмуш чындыгынан чегинүүсү, баяндап жазылган чындыктын абалынын жана чечмелөөнүсүнүн дал келбөөсү

*Логикалык каталарга* мааниси бирдей эмес түшүнүктөрдүн окшоштуруусу, ой-пикирин анчалык маанилүү эмес далилдер менен түшүндүрүү, бөлүк жана бүтүндүн аралыгы бузулуусу, түшүнүктөрдү чектөө жөндөмүнүн жоктугу, тарыхый ишкерлердин образын жана ойлоп чыгарылган каармандарды баш аламандыкка алып келген каталар кирет. Ар түрдүү түшүнүктөрдү бир бүтүнгө бириктире алуу жана салыштыруу жөндөмдүүлүгүнүн жоктугу, ойдун логикалык жайылтуусунун бузулуусу, себеп-натыйжа мамилелери, сүйлөмдөрдүн өз ара байланыштын жоктугу, аракет обьектисинин алмашуусу, логикалык дал келбеген түшүнүктөрдү бир катарга байланыштыруу каталар кирет.

*Кептик каталарга* сөздүн ылайыксыз мааниде колдонулушу, лексикалык айкалышуунун бузулушу, ашыкча сөздүн колдонулушу (плеоназм), жакын бир маанилүү сөздөрдү колдонулушу (тавтология), кайталоолор, бөтөн стилдүү түсү бар сөздөрдү колдонуу, ар түрдүү тарыхый доорлордун лексикаларынын аралаштыруусу, синтаксистик конструкциялардын жакырдыгы жана бир түрдүүлүгү, сөздөрдүн жарамсыз ырааттуулугу, сүйлөм бөлүкчөлөрүнүн стилистикалык жана маңызы жагынан дал келбегендиктер кирет.

Стилистикалык каталарга функционалдык стилдин бирдиктүүлүгүнүн талаптарынын бузулуусу. Адатынча текст бөлүктөрүн астын сызуу менен белгиленет.

**Жыйынтык баалардын чыгаруусу**

*Жыйынтык баа* (семестрдик, чейректик, жарым жылдык, жылдык) мурдагы баалардын орто арифметикалык саны катары механикалык түрдө коюлбаш керек. Аны аныктоодогу маанилүү ошол баанын чыгарылган убактысынан бардык көрсөткүчтөр боюнча фактыларга негизделген окуучунун натыйжалары.

Жыйынтыктоо баасын чыгарууда өзгөчө маанини орфографиялык, кептик, пунктуациялык үйрөнүү деңгээлин чагылдыра турган бааларга берүү керек (ортодогу баалоо). Каталар үстүндө иштөөнү эсепке алганда чейрек (жыл) аралыгында көпчүлүк текшерүү жат жазуулары, дил баяндары, баяндамалары орфографиялык,

пунктуациялык, кептик сабаттуулугу “2” жана “1” деген балга эсептелинсе, жыйынтык баа жакшы болушу мүмкүн эмес. Жыйынтык бааны чыгарууда, окуу жылдын аралыгында окуучулардын олуттуу мамилесине демилге бериш үчүн, алардын учурдагы жетишүүлүгүн эсепке алуу керек.

Жогорку класстарда дил баяндарга болгон баалар, окуучулардын адабият жана алардын сабаттуулугун мүнөздөгөн класстык журналдарга адабият беттеринде (маңызы үчүн баа) жана кыргыз тилинен (сабаттуулук үчүн баа) коюлат. Дил баяндар, баяндамалар, жат жазуулар үчүн баа качан текшерилбестигине карабай журналга өтүлгөн күнү катуу эсеп менен коюлат.

# 4-БӨЛҮМ.
# БИЛИМ БЕРҮҮ ПРОЦЕССИН УЮШТУРУУГА КАРАТА ТАЛАПТАР

## 4.1.Окутуунун методикасына коюлган талаптар

Эне тилин окутууга карата коммуникативдик ишмердүүлүк мамиле интерактивдүү окутуудагы окуучулардын тынымсыз өз ара баарлашуулары, карым-катнаш жасоо менен пикир алышуулары аркылуу ишке ашырылат. Бул багытта окутуу ишин уюштуруу үчүн атайын зарыл шарттарды түзүү зарыл. Мындай учурда окуучулар өзүн-өзү, коомду жана дегеле дүйнөнү таанып билүү менен турмушка карата болгон туура көз караштары калыптанат жана предметтик, түйүндүү компетенттүүлүктөргө ээ болушат. Интерактивдик окутууда көп жактуу коммуникативдүүлүк, жагымдуу психологиялык кырдаал, окуп-үйрөнүүгө атайын ыңгайлуу педагогикалык шарттар түзүлөт.Интерактивдүү окутууга өз алдынча иштөө, жуп менен иштөө, топ менен иштөө, талкуулар, презентациялар кирет. Интерактивдүү окутуунун артыкчылыктары:

• окуучулар өздөрүн эркин сезип,”туура эмес жооп берип алам” деген коркунучтан алыс болуп, активдүүлүктөрү артат;
• ар бир окуучу өзүнүн жөндөмүн, шыгын, билимин көрсөтүүгө далалаттанат;
• жуп менен, топ менен иштегенге машыгышат;
• мугалим менен, бири-бири менен тыгыз карым-катнашта пикир алышуу ашат;
• окуучунун сынчыл ой жүгүртүүсү калыптанат;
• тапшырманы аткарууда бири-биринин тажрыйбаларын пайдаланууга, жаңы идеяларды жаратууга шарт түзүлөт;
• мугалим фасилитатор катары багыт берип, окуучу менен достук мамиледе болот.

**Байкоо жана салыштыруу методу**

Байкоо жана салыштыруу методу окуучулардын кептик, тилдик, маданият таануучулук ошондой эле, маалыматтык жана социалдык-коммуникативдик компетентүүлүктөрүн калыптандырууга багытталат.

**Биргелешип окуу.** Бул метод окуучуларга өз ара бири-бири менен маалымат алышып, баарлашууга, коюлган милдеттерди чечүү үчүн жамаатта, командада, топто өз ара мамилелешүүнүн ыкмаларына, өзүнүн көз карашын далилдей алуу менен талкууга катыша билүү маданиятына ээ болот. Аларкептик, социалдык-коммуникативдик жана өзүн- өзү уюштуруу менен маселе чече билүүчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандырууга багытталган. Буга акыл чабуулу (мээге чабуул), жупта, кичи топто иштөө, мозаика, ар кыл талкуулардын түрлөрү ж.б. кирет.

Акыл чабуулу – бул кеңири колдонулган интерактивдик ыкмалардын бири. Мында темага байланыштуу ойго келген идеялардын бардыгын, сындалбастан иштелип чыгат. Акыл чабуулунда окуучулар эркин, ишкер абалда чыгармачылык менен жаңы идеяларды жарата алышат. Интеллектуалдык жактан өнүгүшөт.

**Маалыматты түшүнүп- окуу көндүмүн өнүктүрүүчү методдор.**

Бул методдор текст менен иштөө үчүн жаңы ыкмаларды колдонууну көздөйт, бардык окуучуларды окуу процессине тартууга, өтүлүп жаткан темага кызыгууну жаратууга, ой жүгүртүү ишмердигин активдештирүүгө жардам берет. Аларга ИНСЕРТ, эки бөлүктүү күндөлүк, жуптарда окуу жана биргелешип корутунду чыгаруу, чаташкан логикалык чынжырчалар ж.б. кирет.

**Жазуу кебин өнүктүрүүчү методдор.**

Текстти жаратуучу ар кандай жумуштар окуучуларда түшүнүүнүн терең денгээлин пайда кылат, аларда байкоо жүргүзүүгө кылдаттык менен мамиле жасоо өнүгөт, өз пикирин, жазуу ишинин өзгөчө мүнөзүн жаратууга жардам берет, өз ойлоруна, тажрыбасына урматтоо менен мамиле жасай башташат.

Аларга беш-он мүнөттүк эсселер, дил баяндын элементтери менен изложение жазуу, аргементтүү эсселер жана башкалар кирет.

**Окуучулардын илимий-изилдөөчүлүк ишмердигин өнүктүрүүчү методдор.**

Эне тил сабактарында окуучуларды илимий-изилдөөчүлүк ишмердикке үйрөтүүгө төмөнкүлөрдү киргизсек болот: көйгөйдү коюу, көйгөйдү чечүүнүн жолдорун аныктоо, ишмердиктин жолдорун аныктоо, күтүлүүчү натыйжаны кыска жана так жазуу, жыйынтыктарды көрсөтө билүү жана өзүн-өзү талдоо.

Педагогикалык практикада долбоор методу, документ булактарын изилдөө, илимий жактан маанилүү материалдарды издөө жана топтоо, интервью, портфолио, концеп ция картасы ж.б. колдонуу ийгиликти жаратып жатат.

### 4.2. Ресурстук камсыздоонун талаптары

Бала көрүү, угуу, кармап көрүү, тажрыйбада колдонуп көрүү аркылуу элестерди тезирээк аңдап, ал тууралуу ойлонуп, жыйынтык чыгарат. Иллюстрациялар, диафильм, фильмдер, портрет, пейзаж, схемалар баланын окуу материалды түшүнүүсүнө жардам берет. Аудио жазуулар аркылуу анын жаратмандыгы өнүгүүсү мүмкүн. Тажрыйбаларды жүргүзүүсү, кармап көрүүсү, колдонуп көрүшү аркылуу окуучуда ассоциациялаш, талдоо, жөндөмү, актоо жана каралоо сыяктуу көнүмүш жана жаңы жөндөмдөрү өсөт. Окуучу өз ишинин натыйжасын көргөндө жөндөм, ушул иштин автору, жаратмандыгына байланыштуу сезимдери калыптанат жана келечекте өз ордун табууга болгон ишеничи дагы артат. Окуучулардын көнүгүү жана зээндүүлүгүн өнүктүрүүгө таасир көрсөтүүчү ресурстарды 5 түргө бөлсө болот:

1. Көрүүгө болжолдонгон - видео кассеталар, слайддар, DVD дисктер, иллюстрациялар, сүрөттөр (портрет, пейзаж, интерьер, экстерьер), схемалар ж.б.у.с.
2. Угууга болжолдонгон - аудио кассеталар, уюлдук телефондордогу мукамдар (музыкалар), магнитофон тасмаларына жазылган атактуу актёрлордун үндөрүнүн коштоосунда айтылган жомоктор, ыр саптары, обондуу ырлар ж.б.у.с.
3. Жазууга болжолдонгон - тест-карточкалар, тесттер, эсселер, түрдүү стилде, түрдүү басылма жана көркөм чыгармалардан алынган тексттер, каттар, баян, диктанттар ж.б.у.с.
4. Талдоо кылууга болжолдонгон – долбоорлор, тажрыйбалар, изденүүлөр, жыйнактар, энциклопедиялар ж.б.у.с.

5. Сүйлөөгө болжолдонгон – презентациялар, сахна көрүнүштөрү, топтогу иштер, көркөм чыгармалар ж.б.у.с.

### 4.3.Мотивациялоочу жана коопсуз окутуу чөйрөсүн түзүү

Эне тили — пикир алышуунун куралы, ойдун тикеден тике чындыгы катары көп кызматты өзүнө аркалаган көрүнүш. Ал карым-катнаштын каражаты болуу менен бирге эле чындыкты чагылдыруунун жана таанып- билүүнүн куралы, ошондой эле, инсандын рухий жана интеллектуалдык жактан өнүгүүсүнө да шарт түзөт. Эне тилине канчалык деңгээлде ээ болгондугу окуучунун башка предметтерди, айрыкча, экинчи тилди, чет тилдерди жана калган предметтерди өздөштүрүүдөгү ийгиликтеринен көрүнөт. Ошондой эле, аналитикалык ой жүгүртүүсүнүн өнүгүүсү да ушуга байланыштуу. Тил менен ой жүгүртүүнү бири-бирисиз элестетүү эч мүмкүн эмес. Алар өз ара жуурулушкан бир бүтүндүктү түзүп турат. Эне тили предмет катары мектепте үч аспектиде окутулат: 1) тилдин системасы; 2) орфографиялык жана пунктуациялык көндүмдөр; 3) кеп маданиятын өнүктүрүү. Эне тилин окутуунун максаты — мектеп бүтүрүүчүсү тилдик жана кептик нормаларга ылайык кептик ой жүгүртүүчүлүк ишмердүүлүккө ээ болуу менен маданий-адептик жактан да калыптануусун жөнгө салуу.

Атап айтсак: тилдик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун тилдик бирдиктерди алардын тилдин системасындагы функциялары жана тексттеги ролу менен байланышта түшүнүүгө; лингвистикалык бирдиктерди функциялары, маанилери жана стилдери боюнча топтоштурууга; тилдик бирдиктерди түзүлүшү, мааниси жана стили боюнча айырмалоого; кептин оозеки жана жазуу формаларынын өзгөчөлүктөрүн салыштырууга; орфографиялык жана пунктуациялык ыкмаларга ээ кылууга окутуу. Кептик компетенттүүлүктө - мектеп окуучусун коммуникативдик милдеттерди аныктоого, тилди пикир алышуунун ар кыл кырдаалдарында оозеки жана жазуу формасында пайдаланууга, өзүнүн сөздүк байлыгын байытуу менен кептик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө, мисалы: карым-катнаштын максатына ылайык кептин предметин жана темасын түшүнүүгө жана белгилөөгө; тексттеги биринчи жана экинчи орундагы маалыматтарды бөлүп көрсөтүүгө, аларды чындык менен салыштырууга; адабий тилдин (стилдердин) нормаларына, пикир алышуунун максатына (кептик кырдаалдарга) ылайык текст түзүүгө; текстти ар кыл стилдик талаптарга, ар кыл эмоционалдык жагдайларга ылайыктап кайрадан түзүүгө; коммуникативдик мазмунуна ылайык тексттердин функционалдык семантикалык типтерин, кептин ар кыл жанрындагы жана стилиндеги тексттерди айырмалоого жана пайдаланууга үйрөтүлөт. Маданий компетенттүүлүктө мектеп окуучусун пикир алышууга катышуу менен социалдык-кептик, маанилик жана тарыхый-маданий контекстти эске алуу менен сүйлөшүү маданиятынын нормаларына ээ болууга, коомдо калыпка түшкөн жүрүм-турумдун эрежелерине ылайык карым-катнаштын катышуучусунун социалдык ролун өзүнө кабыл алуу менен элдин маданий мурасынын маанилүү бөлүгү, ыйык баалуулукка айланган эне тилин урматтоого жана сактоого окутуп-тарбиялоо ж.б.

**Адабияттар:**


1. Абдухамидова Б., Кыргызча кеп адеби, Б., 2008.
2. Абдувалиев А., Кыргыз тилинин морфологиясы, Б., 2010.
3.Абдувалиева Р., Сабак-бүтпөгөн процесс, Б., 2010.
4. Азыркы кыргыз адабий тили, академиялык басылышы, Б., 2009.
5..Биялиев А., Кыргыз орфографиясынын принциптери., Б., 2005.
6.Мусаев С, Кеп маданиятынын маселелери, Б.,2004;
7..Мусаева, А.Сманбаев, Баяндама жыйнагы, Б., 2009;
8. Мусаева В., А.Сманбаев, Жат жазуулар жыйнагы. Б.,2009;
9 .Мусаева В., Байланыштуу кепти, кептин стилдерин окутуу. (Б., 2009);
10. Мусаева В., Кыргыз тили (Кыргыз тили таблица, чийме, схемаларда) 5-11-кл Б., 2009;
11. В.Мусаева, Т.Асанакунов. Окуп-үйрөнүүдөн күтүлүүчү натыйжалар. Кыргыз тили боюнча методикалык колдонмо. 5-9-кл. USAIDдин «Сапаттуу билим» долбоору, Б., 2011;
12. Исаков Б., Кыргыз тилин орто мектептин 5-11-класстарында натыйжалуу окутуу боюнча усулдук колдонмо (Б.,2011);
13. Карасаев Х., Кыргыз тилинин орфографиялык сөздүгү (Б., 2009)
14. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү, Фр., 1988-ж.
15. Кыргыз тилинин антонимдер сөздүгү., Фр., 1986-ж.
16. Кыргыздын кылымдарды карыткан 1001 макалы, Б., 2010.
17. Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгү, 1-2-китеп, Б., 2012-ж.
18. Маразыков Т., Текст таануу жана анын айрым маселелери, 1-китеп (Б., 2005)
19. Маразыков Т., Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы, 2-китеп (Б., 2005)
20. Маразыков Т, Кыргыз тилиндеги текстти интеграциялоочу лингвистикалык каражаттар, 3-китеп (Б., 2005)
21. Өмүралиев Б., Синтаксисти окутуунун методикасы. (Б.,1978);
22. Осмонкулов, Мектептерде фонетиканы окутуунун методикасы. (Б., 1967);
23. Рысбаев С., Сөз жөнүндө сөз (Б.,2020);
24. Рысбаев С., Акматова А., “Окуучунун сүйлөө ишмердиги” ( Б.2013).
25. Рысбаев С., «Окуучунун дилбаяны», Б., «Интерполиграф» басм., 8 б.т., (Б.,2010).
26. Рысбаев С., «Жатжазуу иштерин жүргүзүүнү өркүндөтүү технологиялары», Б., «Интерполиграф» басм., 5 б. т., (Б., 2010-жыл).
27. Рысбаев С., “Деңгээлдеп билим берүү технологиялары” Б., “Улуу Тоолор”, 2023.
28. Сейдакматов К., Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү, Фр., “Илим” басмасы, 1988-ж.
29. Үсөналиев С., Б.Өмүралиев Азыркы кыргыз тилинин таблицалары. (Б.,2003);
30. Чыманов Ч., Кыргыз тилин окутуунун теориялык жана практикалык негиздери(2007);
31. Чыманов Ж., Кыргыз тили: Окутуу методдору. (Б.,2007);
32. Чыманов Ж. Кыргыз тили: Сабактын үлгүлөрү жана сабакты талдоонун методикасы. (Б.,2009);